


**КЫРГЫЗПАТЕНТТИН КАБАРЛАРЫ:**


**ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИН МАСЕЛЕЛЕРИ**

**ВЕСТНИК КЫРГЫЗПАТЕНТА:**

**ВОПРОСЫ ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ СОБСТВЕННОСТИ**




»*• / у »»**



ш * 1

о / о п п о

КЫРГЫЗПАТЕНТТИН КАБАРЛАРЫ:

ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИН МАСЕЛЕЛЕРИ

ВЕСТНИК КЫРГЫЗПАТЕНТА:

ВОПРОСЫ ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ СОБСТВЕННОСТИ

Илимий-практикалык журнал 1998-жылдан бери чыгат

Уюштуруучу - КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН вКМвТУНв КАРАШТУУ ИЛИМ ЖАНА ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТСТВОСУ (КЫРГЫЗПАТЕНТ)

Журнал Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигицде катталган
Каттоо № 000844, индекс - 77301

# № 2, 2002

Редакциялык коллегиянын торагасы
Кыргызпатенттин директору » Оморов Р.О. (башкы редактор)

Редакциялык коллегия:

Тераганын орунбасарлары:
Кыргызпатенттин директорунум орунбасары,
Редакциялык-басма борборунун директору - Бедельбаев А. Б.,
Кыргызпатенттин директорунун орунбасары,
Илимий-техникалык маалымат борборунун директору - Осмоналиев К. О.

Редакциялык коллегиянын мучолору:
Абдыддабек кызы Ж., Арипов С. К. (чыгышына жооптуу), Баклыкова Л. А.,
Джаманбаева 3. А., Кадыралиева К. О., Козубаева 3. Т.(жооптуу катчы),
Конокбаев Т. А., Садыров К. А., Саргалдакова Ж. 3., Сарыков К. К.,
Сопуева А. А., Токоев А. Т., Хмилевская Л. Г., Чекиров А. Ч., Шатманов Т. Ш.

Материалдарды кайталап басуу редакиинанын макулдугу боюнча гана жургузулот.

Жарыяланган материалдардын авторлору кслтирилген фактылардын, цитаталардын, энчилуу аттардын, географиялык аталыштардын, экономикалык-статистикалык жана башка маалыматтардын, ошондой эле материапдардагы ачык жарыялоого болбой турган маалыматтардын тандалышына жана тактыгына жооп беришет. Редакция автор менен коз карашы туура келбеген макапаларды дагы тапкуу иретинде жарыялашы мумкун. Журнал жылына 2 жолу чыгат.

М Редакциянын дареги:
Кыргыз Республикасы, 720021
Бишкек ш., Москва кочосу, 62,
Кыргызпатент

Ш
Тел.: 68-08-19, 68-16-98, 21-34-84
Факс: (3312) 68-17-03

© Кыргызпатент, 2003-ж.

# *Мазмуну*


**1. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИ КОРГОО**

1.1. *Оморов Р. О., Бейшембиев Э. Дж., Алымкулова Р. К.*
Интеллектуалдык менчиктин буткул дуйнелук уюмунун (ИМБДУ) 1996-жылдагы Интернет-келишимдери........5

1.2. *Ьыковченко Ю. Г., Кемел кызы Асель.*
Улуттук отунмо ээлеринин биотехнология тармагындагы ойлоп табуучулук активдуулугу........14

**2. АВТОРДУК УКУК**

2.1. *Оморов Р. О., Чекиров А. Ч.*
Аитордук жана чектеш укуктарды жамаатгык башкаруунун экономикалык жана социалдык мааниси........20

2.2. *Конокбаев Т. А.*
Авторлордун жекече мулктук укуктарын укуктук башкаруу (Кыргыз Республикасынын автордук мыйзамдары боюнча)........29

**3. ПАТЕНТТИК МААЛЫМАТ**

*3.1. Исабаева 3. Б., Бектемиров М. А.*
Интернеттеги енор жай менчик объектилери боюнча маалымат ресурстары........39

**4. ДООР ЖАНА ИНСАН**

4.1. *Асанбеков С. А.*
Биринчи улуттук суретчу жонундо сез........45

4.2. *[Ъсташев А]*
С. А. Чуйков жонунде эскеруу........53

4.3. *Осташев А.*
Гапар Айтиев менен маектешуулер........60

4.4. *Коцурбаев Д.*
Улуу суретчуго таазим........62

4.5. *Каменский А.*
Устаттар унутулбайт........64

4.6. *Искендер уулу Койчуман*
Залкар суротчуге - 100 жыл........66

4.7. *Марченко Ю. М.*
Ата-журтка болгон арзуу

4.8. *Воронина А.*
Кыргыз живописчиси Семен Чуйков

4.9. *Сулякаева Ю.*
*С.* А. Чуйковдун чыгармачылыгынын
кээ бир езгечелуктеру женунде

4.10. *Арипов С. К.*
Айтиевдин графикалык мурасы

**5. ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИН ТАРЫХЫНАН**
Ойлоп табуунун жана патент ишинин тарыхы

**6. КАЛЕЙДОСКОП**
Илим калейдоскобу

**7. МААЛЫМДОО**
Кыргыз Республикасында жалпыга белгилуу
Товардык белгилер женунде Жобо

© Кыргызпатент, 2003

# ИШЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИ КОРГОО

# ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИКТИН БУГКУЛ ДУЙНеЛУК УЮМУНУН (ИМБДУ) 1996-ЖЫЛДАГЫ ИНТЕРНЕТ-КЕЛИШИМДЕРИ

***Оморов Р. О.*** *- техника илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык жана КР Инженердик академимарынын академиги, КР УИАсынын корреспондент-мучосу*
***Бейшембиев*** *Э.* ***Ж.*** *- юридика илимдеринин доктору, профессор*
***Алымкулова Р. К.*** *- ЖОЖдор аралык "Интеллектуалдык менчик" кафедрасынын аспиранткасы*

Санарип (цифралык) технологиялардын кескин тез осушу автордук укук менен чектеш укуктарды коргоо системасында бир катар жаны туйундуу маселелердин келип чыгышына алып келди. Автордук укук менен чектеш укуктар тармагындагы мыйзамдардын алдында санарип технологияларын бардык жерде пайдалануудан келип чыккан мамилелерди женге салуу учун эски нормалардын пайдаланышы женундегу маселе жаралды. Муну менен катар колдо бар укук нормаларын азыркы шарттарга дал келтируу максатында колдонуудагы мыйзамдарды еркундетуу зарылчылыгы пайда болду.

Автордук укук менен чектеш укуктарды коргоо тармагында эл аралык коп тараптуу макулдашмаларда негизги принциптер: укук нормаларын унификациялоо жана олконун жарандарынын укуктарын чет олконун жарандарыныкына салыштырмалуу томондотууго жол бербоо принциптери сакталган. Унификациялоо принциптери автордук укуктун нормалары менен корголуучу чыгармаларды бут дуйного жайылтууга комок корсотот; экинчи прициптин максаты — чет олколук жана улуттук укук ээлеринин мыйзам алдындагы тецчилигин камсыз кылуу учун улуттук мыйзамдардын негизин сактап калуу болуп саналат.

Автордук укук менен чектеш укуктардын кээ бир маселелери боюнча 1996-жылы 2-декабрдан 20-декабрга чейин Женева шаарында откон Дипломатиялык конференциянын (мындан ары — Конференция) жыйынтыгы: Автордук укук боюнча ИМБДУнун келишими (мындан ары — АУК) менен Аткаруулар жана фонограммалар боюнча ИМБДУнун келишимин (АФК) кабыл алуу болду. Бул Келишимдер автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин санарип формасында жана санарип чойросунде эл аралык дэнгээлде коргоого кепил болгон биринчи эл аралык макулдашмалар болуп калды.

Кыргыз Республикасынын Президенти 1998-жылы 24-июнда "Автордук укук боюнча ИМБДУнун келишимин ратификациялоо женунде" № 99-Кыргыз Республикасынын мыйзамына кол койгон (1998-жылы 5-августта жарыяланган). Кыргыз Республикасы учун АУК 2002-жылы 2-мартта кучуно кирди. "Аткаруулар жана фонограммалар боюнча ИМБДУнун келишимине кошулуу жонунде" № 73-Кыргыз Республикасынын мыйзамына 2002-жылы 23-апрелде кол коюлду (2002-жылы 3-майда жарыяланган). Кыргыз Республикасы учун АФК 2002-жылы 15-августта кучуно кирди.

ИМБДУнун 1996-жылдагы Келишимдери жалан эле автордук укуктарды коргтю тармагындагы эл аралык стандарттарды мыйзамдаштыруу багытын улантпастан, мыйзамдын жоболорун кыйгап отууго, ошондой эле автордук укуктарды ишке ашырууда маалыматтарды бурмалоого же жашырууга тоскоол болуучу жаны милдетгенмелерди киргизди.

Ошентип, АФК аткаруучулардын мулктук эмес жеке укуктарын биринчи жолу эл аралык децгээлде тааныды. Бул Кслишим аткаруучулардын томонку укуктарына:

• озунун аткарууларына аткаруучу катары (ысымына карата укугунун) тааныл >iшын талап кылууга;

• озунун аткарууларын озунун бедслине зыян келтире турган ар кандай бузууларга, бурмалоолорго же дагы башка озгортуулорго каршы даттапууга кспил болот.

Аткаруучуларга Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык томонкудой мулктук эмес жеке укуктар таандык:

• ысымга болгон укук;

• аткарууну же коюлган оюнду ар кандай бурмалоолордон же агкаруучуиун бедслине же аброюна зыян кслтирууго жондомдуу башка кол салуудан коргоо укугу;

• аткарууну же коюлган оюнду пайдалануунун ар бир туру учун сый акы алуу укугун кошо эсептегендс аткарууну же коюлган оюнду ар кандай формада пайдалануу укугу ("Автордук укук жана чектеш укуктар жонунде" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 37-статьясынын I-пункту).

Мындан тышкары, ИМБДУнун келишимдери авторлордун, аткаруучулардын жана фонограмма чыгаруучулардын жаны мулктук укугун — объектилерди жалпыгз жарыялоо укугун киргизди. Муну объектилерди жалпыга жарыялоодо коруучулордун окулдору алардын жеке тандоосу боюнча каалаган жерден жана каалаган убакта алар менен тааныша ала тургандай уруксат беруу укугу деп тушуну" керек. Иш жузундо бул укук автордук укук менен чектеш укуктардын объекгелерин санарип чойросундо жайылтууну жонго салат. Санарип технологиялары менен санарип чойросуно муноздуу озгочолукторуно байланыштуу, атап айтсак, маалыматтарды маалыматтоо чойросундо алмашуунун интерактивдуу мупозуно байланыштуу маалыматтарды интерактивдик режимде жайылтууну радио жана телеберуулор менен окшоштурууга болбойт. Автордук укук менен чектеш укуктарга карата алганда аларды интерактивдик режимде жайылтууну кайталап чыгаруу же жайылтуу актысы же актылары катары караган он,

Анткени бул мулктук укук жаны болуп саналгандыктан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын кабыл алынган эл аралык нормаларга дал келгируу максатында аларга толуктоолорду киргизуубуз керск.

АУКта объектилерди жалпыга жарыялоо укугу (8-ст.) жалпы маалымат учун кабарлоо укугунун бир болугу катары аныкталат, "... ошентип, коруучулордун окулдору алардын жеке тандоосу боюнча мындай чыгармалар менен каалаган жерден жана каалаган убакта тааныша апат." АФКда оз' кезегинде бул укук жалпы маалымат учун кабарлоо укугуна коз карандысыз аныкталат (10 жана 14-статьялар). Сыягы, жалпы маалымат учун кабарлоо укугу менен уктуруу укугунун ортосундагы мындай айырмачылык жаны укукка озгочолуу укуктун

стагусун беруу, ал эми уктуруу укугун сый акы алуу укуктарынын категориясына киргизуу учун караштырылган окшойт (15-ст.).

ИМБДУнун келишимдерин иштеп чыгууда авторлор жоболор менен гушунукторду аныктоодо "кенири" баяндоо ыкмасын пайдаланышкан. Мындай ыкма болгон техникалык жетишкендиктерди, ошондой эле азыркы кезде белгилуу эчес жетишкендиктерди эске алууга мумкундук берет. Ajicак, АФКда фонограмма чыгаруучулар жонундо кенири аныктама колдонулат (2-ст., Ь жана d пунктгары). Бул статьяга ылайык (|юнограмма чыгаруучуларга аткаруунун ундорунун же башка ундордун же болбосо ундордун жанырыктарынын биринчи жазуусун ишке ашырган кишилер кирет. Сыягы, "аткаруунун ундорунун жазуусу" деген соз айкашы компьютердин же синтезатордун жардамы менен жасалгаи ун чыгармаларынын пайда болушун караштыруу учун киргизилсе керек.

Конференцияга Кыргыз Республикаеынын делегациясы да катышып, анда еанарин чойресунд© кайталап чыгаруу укугунун пайдаланылышы, атап айтсак, чыгармаларды санарип формасында Интернет туйунундо убактылуу сактоо учурларына пайдаланылышы жонундогу маселеден зор дискуссиялар ке.пип чыкты. Жыйынтыгында, ИМБДУнун келишимдериндс кайталап чыгаруу дсп чыгарманы каалаган ыкма менен жана каалаган формада кайталап чыгаруу дсп, анын ичинде корголуучу объектини компьютердин эсиндс убактылуу сактоо да кайталап чыгаруу деп тушундурулот. Кайталап чыгаруу укугунун кенейтилген баяндамасы АУКка карата (1-статьяга) жана АФКга карата (7, I I, 16-статьяларга) макулдашылган билдируулордо орун алган.

АУК авторлордун оздерунун чыгармаларына карата томенку мулктук укуктарын:

• каалаган ыкма менен жана каалаган формада (кенейтилген коломдо) кайталг.п чыгаруу укугун;

• менчик укугун сатуу же башкача жол менен еткоруп беруу аркылуу жайылтуу укугун;

• коммерциялык прокатка беруу укугун;

• жалпы маалымат учун кабарлоо укугун тааныйт.

АФК аткаруучулар менен фонограмма чыгаруучулардын гомонку мулктук укуктарын:

• аткаруучунун озунун жазыла элек аткарууларына карата укугун (6-ст.);

• каалаган формада жана каалаган ыкма менен кайталап чыгаруу укугун;

• менчик укугун сатуу же башкача жол менен откеруп беруу аркылуу жайьшуу укугун;

• коммерциялык прокатка беруу укугун;

• жалпы маалымат учун кабарлоо укугун (санарип чойросундо) тааныйт.

Автордук укук менен чектеш укуктардын ээлерине карата чектоолор менен :>режелерден четтоолорду алсак, АУКтун 10-статьясына жана АФКнын 16-статьясына ылайык алар улуттук мыйзамдарга "уч баскычтуу текшеруу" (Берн конвенциясынын 9-статьясынын 2-пункту) деп аталып, белгилуу болгон эл аралык стандартка ылайык киргизилиши мумкун, эгердс чектоолор:

• айрым езгечо учурларга гана тиешслуу бонсо;

• чыгарманы кадыресе пайдаланууга зыян тийгизбссс;

• авторлордун мыйзамдуу кызыкчылыктарын негизи жок жол менен томондэтпосе.

Е-ирок Берн конвенциясынан айырмаланып, уч баскычтуу текшеруу жобосунун аракети ушул Келишимдерде камтылган бардык укуктарга карата тисшелуу болуп саналат. Мындан тышкары, АУКтун 10-статьясына карата макулдатылган билдируу олколорго "Берн конвенциясы боюнча алгылыктуу деп эсспгслген чектоолор менен эрежелерден чстгоолорду оздорунун улутгук мыйзамдарыпа 'эткорууго жана санарип чойросупо талапка ылайык жанылтууга" мумкундук берет. Мындан тышкары, АУКтун Ю-статьясынын 2-пунктуна ылайык олколордон Берн конвенциясы камгыган укуктарга карата чскгоолорду аткаруу талап этилет. АФКнын 16-статьясына карата (чектоолор жана эрсжеден четгоолор) макулдашылган билдируу АУКтун 10-статьясына карата макулдашылган билаируунун тиешелуу озгоруулорун эске алуу менен колдонулат.

"Автордук укук жана чектеш укуктар жонундо" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын (мындан ары - Мыйзам) 16-статьясынын 2-пунктуна ылайык автор томонку иш-аракеттерди жузого ашыруу, аларга уруксат беруу же тыюу салуу боюнча озгочо укукка ээ:

• чыгарманы кайталап чыгарууга (кайталап чыгаруу укугу);

• чыгарманын нускаларын каалаган жол менен таркатууга: прокатка беруугo жана башка ушул сыяктууларга (таркатуу укугу);

• чыгарманы таркатуу максатында анын нускаларын, анын ичинде озгочо автордук укуктардын ээсинин уруксаты менен даярдалган нускаларды импорттоого (импорт укугу);

• чыгарманы жалпы элге корсотууго (жалпы элге корсотуу укугу):

• чыгарманы жалпы эл алдында аткарууга (жалпы эл алдыпда аткаруу укугу); *

• чыгарманы жалпыга маалымдоо учун эсрирге беруу жана (же) кийип :)фирге берип туруу жолу аркылуу кабарлоого (эфирге беруу укугу);

• чыгарманы жалпыга маалымдоо учун кабель, зым же башка ушуга окшогон каражаттардын жардамы менен кабарлоого (жалпыга маалымдоо учун кабель боюнча кабарлоо укугу);

• чыгарманы которууга (которуу укугу);

• чыгарманы кайра ондоого, аранжировкалоого же башкача турдо кайра иштеп чыгууга (кайра иштеп чыгуу укугу).

/^.вторлордун озгочо укуктарына карата Мыйзамдын 19-26-статьяларында жогоруда атапган уч баскычтуу текшеруунун жоболоруна жооп бергсн чектоолор жана эрсжеден четтоолор караштырылган.

Мыйзамдын 37-статьясына ылайык аткаруучуларга алардын аткарууларына карата томонку озгочо укуктар таандык:

• аткарууну же коюлган оюнду кабель боюнча жалпыга маалымадоо учун эфирге берууго же кабарлоого, эгердс мындай беруу учун пайдаланылуучу аткаруу же коюлган оюн мурда эфирде берилбесе же алардын жазуусун пайдаланбай туруп, аларды ишке ашырууга мумкун болбосо;

• мурда жазылбаган аткарууну же коюлган оюнду жазууга;

• аткаруунун же коюлган оюндун жазуусун кайталап чыгарууга;

• аткаруунун же коюлган оюндун жазуусун эфирге же кабель боюнча берүүгө, эгерде бул жазуу алгачкы жолу коммерциялык максаттарда ишке ашырылбаса; •;•.

• аткаруучунун катышуусу менен жазылган аткаруунун же Коюлган оюндун коммерциялык максаттарда жарыяланган фонограммасын прокатка берүүгө.

Фонограмма чыгаруучулардын озгочо укуктары Мыйзамдын 38-статьясында караштырылган. Ага ылайык фонограмма чыгаруучуларга томонкудой иш-аракеттерди жузого ашыруу же аларга уруксат беруу укугу таанды с

• фонограмманы кайталап чыгарууга;

• фонограмманы кайтадан ондоого же каалаган жол менен кайрадан иштеп чыгууга;

• фонограмманын нускаларын таратууга, б.а. аларды сатууга, прокатка берүүго жана ушул сыяктууларга; фонограмманын нускаларын аларды прокатка беруу жолу менен таратуу укугу ушул нускаларга болгон менчик укугуна карабастан фонограмма чыгаруучуга таандык болот;

• фонограмманын нускаларын, анын ичинде ушул фонограмманы чыгаргандардын уруксаты менен даярдалган нускаларды таратуу максагында импорттоого.

Ошол эле учурда, эгерде мыйзамдуу жол менен жарыяланган фонограмма жарандык карым-катнашка аларды сатуу аркылу^ киргизилсе, айда аларды фонограмма чыгаруучунун макулдугусуз жана ага сый акы толобостон андан 'ары таркатууга жол берилет.

Колдонуудагы мыйзамдарда фонограммасы коммерциялык максаттарда жарыяланган фонограмма чыгаруучунун макулдугусуз жана аткаруучунун макулдугусуз, бирок сый акы толео менен:

• фонограмманы жалпы эл алдында аткарууга;

• фонограмманы' эфирге берүүгө;

• фонограмманы кабель боюнча жалпы маалымат учун кабарлоого жол берилет. ' .

Мунун менен бирге фонограмманы пайдалануучулар фонограмма чыгаруучулардын жана аткаруучулардын укуктарын жамааттык негизде башкаруучу уюмга фонограмманын канча пайдаланылгандыгы жонундо так маалыматтар корсотулгон программаны, ошондой эле сый акыны жыйноо жана болуштуруу учун керектуу болгон дагы башка маалыматтарды жана документте[)ди тапшырышы керек.

Ошондой эле Мыйзамда аткаруучунун, фонограмма чыгаруучунун макулдугусуз жана сый акы толобостон аткарууну, коюлган оюнду, эфирдс Серия генди, кабель боюнча берилгенди жана алардын жазууларын, ошондой эле камта.и п чыгарылган фонограмманы томонкудой пайдаланууга жол берилет:

• учурдагы окуялар жонундо кабарларга аткаруудан, коюлган оюндан, фонограммадан, эфирде же кабель боюнча берилгенден чакаи узундулорду киргизуу учун;

• жалац гана окуу же илимий изилдоо максаттарында;

• аткаруудан, кОюлган оюндан, фонограммадан, эфирде же кабель боюнча беруудон цитата келтируу учун, эгерде мындай цитата келтируу маалымат беруу максаттарында болсо.

Мыйзамда аткаруучунун, фонограмма чыгаруучунун макулдугусуз аткаруунун же коюлган оюндун жазуусун, ошондой эле фонограмманы кайталап чыгарып, жеке максатга пайдаланууга жол берилет (Мыйзамдын 42-статьясы). Фонограмманы кайталап чыгарууга Мыйзамдын 26-статьясына ылайык сый акы толее шарты менен жол берилет.

Санарип технологияларынын дагы бир айырмалануучу белгиси коргоонун узгултуксуз еркундетулуп туруучу техникалык еистемасы болуп эсептелет. Бирок аларды пайдалануу мыйзамдуу максаттардын чегинен чыгып кетет. Мисалы, программалык блокираторлорду пайдаланууга сунуш берилбейт, анткени алар белгилуу убакыт еткендон кийин компьютердик программаны же анын болугун начарлатып салат, мунун менен бирге пайдалануучуларды лицензиар менен жацыдан алака тузууго мажбур кылат. Мындан тышкары, коргоонун ушул системаларынын ишенимдуу иштешине кепилдик да жок, анткени ар бир татаал системаны башка техникалык каражаттар иштен чыгарып салышы, жолун тосуп же басып салышы ыктымал.

Коргоонун техникалык чараларынын ишенимсиздигин жана алардын санарип технологиялардын кылымындагы маанисин моюнга алуу аларга укуктук коргоо беруудо айкын болду. Айтмакчы, АУК менен АФК боюнча укук ээлери оздорунун укуктарын жузого ашыруу учун пайдалануучу техникалык каражаттарга коргоо беруу талап этилет, ал эми укуктарды башкаруу жонундо бардык электрондук маалыматтарды озгортууго же алып салууга тыюу салынат (тиешелуу турде 12 жана 19-статьялар). Укуктарды башкаруу жонундегу маалыматтар укук ээсин идентификациялоочу маалыматты билдирет, же болбосо корголуучу объектини пайдалануунун шарттары жонундегу маалыматты, ошондой эле корголуучу объектинин ар бир нускасына элемснттеринин бири тиркелуучу же корголуучу объектини жалпы маалымат учун кабарлоого же жалпы элге жеткирууго (чектеш укуктар учун) байланыштуу келип чыгуучу ар бир цифралар менен коддорду билдирет (АФКнын 19-статьясы жана АУКтун 12-статьясы). Ушул статьяларга ылайык, ар бир олке оздорунун мыйзамдарына ылайык натыйжалуу укуктук коргоону жана коргоонун техникалык чараларын кыйгап откондугу учун, укуктарды башкаруу жонунде маалыматгарды жок кылгандыгы жана езгорткондугу учун жоопкерчиликти карашгырышы керек. Дипломатиялык конференция АУКтун 12-статьясы боюнча макулдашылган билдируу кабыл алган, ага ылайык "ушул Келишим тарабынан же Берн конвенциясы тарабынан караштырыдган ар бир укукту бузууга карата шилтемеде озгечо укук да, ошондой эле сый акы алуу укугу да камтылат". Бул билдируу АФКнын 19-статьясына карата да тиешелуу озгертуулорду эскс алуу менен колдонулат.

АУКтун 13-статьясына жана АФКнын 22-статьясына ылайык бул статьялардын артка колдонуу кучу, б.а. мурдагыларга да колдонуу кучу караштырылгандыгын белгилеп кетуубуз керек. Ушул Келишимдерде караштырылган укуктарга карата Берн конвенциясынын 18-статьясынын, жоболору тиешелуу озгертуулорду эске алуу менен колдонулуучу жоболорго кирет. Берн

коивендиясынын дал ушул 18-статьЯсыиын жоболорунда артка колдоиуу кучунун принциптери берилген. -v-<

Санарип технологияларынын енугушу авторлордун, аткаруучулардын жана фонограмма чыгаруучулардын укукгарын жамааттык негизде башкаруу системасына болгон мамилсни озгортот. Укуктарды жамаатгык башкаруунун зарылчылыгы ар тараптан каралат: бироолор санарип кылымында жамаатгык башкаруу - укуктарды ишке ашыруунун кыйла ынгайлуу мсханизми деп эсcптсшсе, башкалар авторлордун, аткаруучулардын жана (фонограмма чыгаруучулардын укукгарын кепилдуу коргоону камсыЗ кылууга мындай мамилсиип болушу мумкун эмес дешст. Бирок санарип чойросундо укуктарды жскече гартипте ишке ашыруу ото эле кыйын боло тургандыгы айкын боло баштады. Анан дагы коптогон суроолор келип чыгууда: автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин Интернет туйунундо мыйзамсыз пайдаланууну каптип кармоого, аны болтурбоого жана анын алдын алууга болот? Аларды Интернет туйунундо жана мультимедиа продуктусун тузуудо пайдалангандыгы учун автордук сый акыны кантип толотуп алууга болот? Суроолордун тизмеенн уланта беруугo болот, анткcии автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин санарип формасында жана санарип чойросундо пайдалануу коп учурда колдонуудагы мыйзамдарды орой бузуулар менен коштолот. Мисалга алсак, Фонограмма чыгаруучулардын эл аралык федсрапиясынын (IFRI) маалыматы боюнча Интернет туйунунон ар куну укук ээлеринин уруксатысыз укуктар бузулган нечендеген миллион МРЗ файлдары (музыкалык файлдарды коп жолу "кысууну" камсыз кылуучу стандарттар) чыгарылып салынат.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында автордук укук менен чектеш укуктардын объектилерин уруксатсыз пайдаланууга тыюу салынат. Аны пайдалануучулар мындай уруксатты укук ээсинин озунон, же болбосо автордук укук менен чектеш укуктарды жамааттык башкаруучу уюмдан ала плат ("Автордук укук жана чектеш укуктар жонундо" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 42-статьясынын 2-пункту).

Авторлордун, аткаруучулардын жана фонограмма чыгаруучулардын укукгарын ишке ашырууда жамааттык башкаруунун артыкчылыктарынан тышкары аны пайдалануучулардын оздору учун да анын маанисин белгилеп кетуубуз керек. Анткени коп учурда автордук укук менен чектеш укуктардын обьектилери болуп саналган эц коп сандагы чыгармаларды пайдаланууга коп сандаган укук ээлеринен кыска мооноттун ичинде уруксат алуу иш жузундо мумкун эмес. Бирок чыгармалардын копчулугун укуктарды жамааптык башкаруу боюнча уюм менен лицензиялык келишим тузуу жолу менен мыйзамдуу пайдалануу мумкунчулугу мыйзамда караштырылган ("Автордук укук жана чектеш укуктар жонундо" Кыргыз Республикасынын мыйзамы, 42-ст., 2-пункт).

ИМБДУнун 1996-жылдагы Келишимдери Интернет жана санарип технологияларынын кылымында автордук укук жана чектеш укуктар тармагында укуктук мамилелерди жонго салууга мумкундук беруучу маанилуу эл аралык документтер болуп саналаг.

= и



Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары автордук укук менен чектеш укуктарды коргоо чойросуидо жалпысынан эл аралык нормаларга дал келет. Мыйзамдын 2-статьясы эл аралык-укуктук нормалардын артыкчылыгын бекемдейт. Кыргыз Республикасында автордук укук менен чектеш укуктардын обьектилерин ишенимдуу коргоо учун укуктук база тузулгон. Азыркы учурда колдонуудагы мыйзамдарды биз карап чыккан эл аралык келишимдердин жоболоруна ылайык келтируу учун иш жургузулуудо. Азыркы кундо ИМБДУда интеллектуалдык менчик укуктарын Интернеттин шартында коргоого тиешелуу маселелерди андын ары талкуу жургузулуудо. 2002-жылы 23-сентябрдан 1-октябрга чейин Женева шаарында ИМБДУнун штаб-квартирасында ИМБДУнун Генералдык Ассамблеясынын сессияларынын чегинде АУКтун жана АФКнын жаны уюштурулган Ассамблеяларынын биринчи жыйындары еткорулду. Ушул сессияда АУК менен АФКнын Ассамблеяларынын кызмат адамдары шайланды. Интеллектуалдык менчикти Кыргыз Республикасында коргоо боюнча жетишкендиктер эске алынып, Кыргыз Республикасынын вкмотуно караштуу Илим жана интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агенттигинин деректири АФКнын Ассамблеясынын торагасынын орунбасары болуп шайланды.

***Адабияттар:***


1. "Автордук укук жана чектеш укуктар жонундо" Кыргыз Республикасынын мыйзамы (КР Мыйзамынын 1999-жылдын 6-ноябрындагы рсдакциясы, № 120).
2. "Автордук укук боюнча ИМБДУнун келишимин ратификациялоо жонундо" 1998-жылдын 24-июлундагы Кыргыз Республикасынын мыйзамы, № 99.
3. "Аткаруулар жана фонограммалар боюнча ИМБДУнун келишимине кошулуу жонундо" 2002-жылдын 23-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын мыйзамы, № 73.
4. Аткаруулар жана фонограммалар боюнча ИМБДУнун 1996-жылдын 20-декабрындагы келишими.
5. Автордук укук боюнча ИМБДУнун 1996-жылдын 20-декабрындагы келишими.
6. Аткаруулар жана фонограммалар боюнча ИМБДУнун 1996-жылдын 20-декабрындагы келишимине карата макулдашкан билдируу. //Российский музыкальный ежегодник, 1998. — 250-251-6.
7. Автордук укук боюнча ИМБДУнун 1996-жылдын 20-декабрындагы. келишимине карата макулдашкан билдируу.
8. Адабий жана керком чыгармаларды коргоо боюнча Берн конвенциясы (1971-жылдын 24-июлундагы Париж актысы).

9. Ginsburg Jane C. О роли национальных законов об авторском праве з век международного авторского права//Патснтнос дело, 2001. - №6.-15-24-6.

10. Близнец И. Авторское право и смежные права в условиях современных технологий//Интеллектуальная собственность: Авторское право и смежные права, 2001. — № 8. — 25-36-6.

11. Исаков М. М. Интсллектуалдык мсичикти коргоо гармагындагы м аралык кызматташтык//Кыргызпатенттин кабарлары, 2001. — № 2. — 18-23-6.

12. Кемпер К. Интернет-договоры ВОИС и дискуссионные вопроси авторского права и смежных прав//Интсллсктуальпая собственность: Авторское право и смежные права, 2001. — № 1. — 2-10-6.

13. Найтс Р. Ограничения и исключения в соответствии с "трехступенчатой проверкой" и в национальном законодательстве. Различия между аналоговой и цифровой средой//Интеллсктуальная собственность: Авторское право ^ смежные права, 2001. — № 8. — 37-41-6.

14. Оморов Р. О. Кыргызстанда автордук укук менен чектеш укуктар систсмасын онуктуруу//Кыргызпатснттин кабарлары, 1999. — № 2. — 4-13-6.

15. Петере М. Автордук укук менен чектеш укуктар 21-кылымда//Кыргызпатенттин кабарлары, 1999. - № 2. — 20-31-6.

16. Сергеев А. П. Охрана прав исполнителей и производителей (фонограмм в соответствии с Римской конвенцией. Соглашением ТРИПС и Договором ВОИС по исполнениям и фонограммам//Интеллектуальная собственность: Авторское право и смежные права, 2001. — № 8. — 51-58-6.

17. Секретариат ЮНЕСКО. Критический анализ проведенного профессором М. Вальтером сравнительного исследования применения различных международных актов в области смежных прав//Бюллетень по авторскому праву, 2001, - Т. XXXV. - № 4.

18. Шофиш У. Автордук укук менен чектеш укуктарды Европалык Союзда гармонизациялоо//Кыргызпатенттин кабарлары, 1999. - № 2. - 32-57-6.

19. Оморов Р. О., Абдылдабек кызы Ж., Аманкулов И. и др. Авторское и смежные права: Учебное пособие. - Бишкек, 2002.

20. Судариков С. А. Основы авторского права. - Минск: Амалфея, 2000. - 512 6.

# УЛУТТУК еттаме ЭЭЛЕРИНИН БИОТЕХНОЛОГИЯ ТАРМАГЫНДАГЫ ОЙЛОП ТАБУУЧУЛУК АКТИВДУУЛУГУ

***Быковченко Ю. Г.*** — *Кыргызпатенттин Илим башкармалыгынын башкы адиси, биология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сицирген ишмер*

***Кемел кызы Асель*** — *ИМдин Мамфондусунун маркетинг жана инвестиция/лар болумунун жетектоочу адиси*

Мамлекеттин онор жай боюнча онугушунун корсеткучтерунун бири болуп жыл сайын ©суп бара жаткан ойлоп табуучулук ишмердик саналат. Билимдердин ар кандай тармактары тогошкон жерде тузулген, мурда белгисиз болгон жан.ы ойлоп табуулар пайда болууда. Алардын ичинде биотехнология езгочо орунду ээлейт, ал XVI-XVII кылымдарда жаралып, бирок XX жуз жылдыкта ото тез онуккон. Ушул тармактагы жетишкендиктерди пайдалануу адамзатка, анын ичинде Кыргызстанга да коптогон экономикалык жана экологиялык ийгиликтерди алып келет.

Биотехнология — бул баалуу тамак-аш, медициналык жана башка продуктуларды ендуруу учун тируу Организмдерди жана биологиялык процесстерди пайдалануучу технологиялык жолдордун жыйындысы [1]. Башкача айтканда ал биотехнологиялык процесстер менен объектилерди онор жай максаттарында пайдалануу боюнча иш жургузгон тармак катары аныкталышы мумкун. "Биотехнология" термини "био" — жашоо, "техно" — чеберлик жана "логия" — окуп уйронуу деген гректердин уч соз айкашынан келип чыккан, ал азыркы учурда биохимияны, физиканы, микробиолоигяны, генетиканы, квант электроникасын жана илимий билимдердин дагы башка багыттарын камтып турат.

Биотехнологиянын кийинки кездеги улам есуп бараткан мааниси адамдардын ишмердигинин коптогон турлорундо ойногон ролу менен тушундурулот, мисалы, медицинада, айыл чарбасында, тамак-аш жана женил онор жайында, курчап турган чойрону коргоодо. Биотехнологиянын жардамы менен ооруларды профилактикалоо, дарылоо жана алардын диагнозун коюуда колдонулуучу бир катар маанилуу дары препараттары, тамак-ашка кошулуучу биологиялык активдуу кошмолор менен консерванттар, шаарлардагы ар кандай таштандыларды, дарыялар менен океандардагы булганыч заттарды соруп алуучу жана чиритуучу объектилер алынат, сапаты жакшыртылган айыл чарба продуктулары ондурулот, ж.б.

Жогорудагы аныктамага байланыштуу биотехнологиянын объектилерин томендогучо:

- тируу организм болуп саналган биотехнологиялык объектилер;
- ойлоп табуунун объектисинин "заттар" категориясына кирген биотехнологиялык объектилер;
- биотехнологиялык ыкмалар;
- биотехнологиялык тузулуштор;

• биотехнологиянын ар кандай объекгилерин жаны арналыш боюнча колдонуу, - деп классификациялоого болот 111.

Биотехнология тармагы алардын ар турдуулугу жана колдоиулуу тармагы боюнча коз караштан алып Караганда башкалардан техникалык чсчимдсринин ір турдуулугу менен айырмаланат, анткени ушул тармактагы ойлоп табуулар иш жузунде Эл аралык патенттик классификациям!.!!) (ЭГ1К) коптогон болумдорун камтыйт. Ушуга байланышгуу патенттик изилдоолорду откоргои учурда биотсхнологиянын обьсктилерине кара га ЭПКнын иркундо!улбогондугун корсоткон бир топ проблсмалар келип чыгат. Бул 70 жылдардан гана баштап биологияны бир жагынан "технологиялаштыруу" боюнча тлк багыт жаралгандыгы менен, экинчи жагынан онор жайды "биологиялашгыруу" менен байланышкан.

Биотехнология тармагындагы ойлоп табуулардын муноздуу озгочолугу алардьн бир нече объектилсринин бир эле коргоо документи менен коргоого алынышы болуп саналат. Бул озгочо гснетикалык инженерия **тармагындагы** ойлоп габууларга муноздуу, андагы кээ бир патеиттик докумснтгердс онго **чейин** объектилер ксздешет. Ошондуктап ушул тармактагы патеиттик изилдоолорду жургузууго башка тармактагыларга **Караганда убакыт** кон **галап** стилет [2|.

Биотехнологиялык ойлоп табуулардагы патенттик кырдааллы аныктоо учун патенттик изилдоолор откорулгон. Аны учун Кыргызпатенттин расмий бюллетепдери коргоо документтери жонундо маапыматтардын булап>1 болуп калды |3|. Изилдоолордун объектиси катары ЭПКнын болумдору боюнча болуштурулгон коргоо документтеринин агымы турундогу ойлоп габуучулук актипдуулугу тандалып алынган.

Изилдоолордун журушундо анын нсгизи катары Европа патенттик ведомствосунда |4| биотехнологиялык ойлоп табуулар боюнча патет гик издоо жана экспертиза жургузуунун схемасы, ошондой эле биотехнология га тиешелуу ойлоп табуулардын Эл аралык классификациясынын болумдоруидо берилген адабияттардын [I] жана [2| - тиркемелери алынган, ЭПКнын рубрикалары (болукчолору) жана 1995-жылдан 2002-жылдын июлуна чейинки мезгилдеги патенттер менен алдын ала патенттерди камтыган коргоо документтери каралып чыкты. Ушул мезгилдин ичинде ойлоп табууларга бардыгы болуп 782 коргоо документи берилгендиги, анын ичинде 124 коргоо документи (15.8 %) биотехнология тармагындагы ойлоп табууларга берилгендиги аныкталды. Алардын 92 коргоо документи гомонку классгар боюнча улуттук отупмо ээлерине берилген:

A !)! айыл чарбасы; токой чарбасы; мал чарбасы; жаныбарларга анчылык кылуу жана кармоо; балыкчылык жана балык **осіуруу;**
A 21 - нан бышыруу; ундан жасалуучу нам азЫктары;
A 23 - тамак-аш же тамак-аш продуктулары; алардын башка класстарга кирбегендерин иштеп чыгуу;
A 61 - медицина жана ветеринария; гигиена;
C 05 - жер семирткичтер; аларды ондуруп чыгаруу;
C 12- биохимия; пиво; алкоголдук ичимдиктср; шарап; уксус; микро-


биология; энзимология (ферменттердин тузулушу жонундо илим); мутацияларды (озгорулгон генди) алуу; генндик инженерия;

G 01 - ченоо; сыноо; материалдардын химиялык жана физикалык касиеттерин аныктоо жолу менен аларды изилдее жана талдоо.

Аныкталган биотехнологиялык ойлоп табууларды ЭПК боюнча болуштуруу (1-диаграмма) отунмо ээлеринин ойлоп табуучулук активдуулугу А 61 В классында болгондугун кореотту — аларга 40 коргоо документа берилиптир. Андан кийинки орундарда А 61 К жана С 05 F класстары турат — аларга тиешелуу турдо 31 жана 5 коргоо документи туура келет. А 61 L жана А 23 L класстарына 3тон, А 23 С, С 12 N, G 01 N класстарына 2ден, А 01 N, А 21 D, С 12 Q, С 12 G класстарына 1ден туура келет.

I-диаграмма


Коргоо документтерин ЭПК боюнча болуштуруу




Экономикалык ишмердиктин турлору боюнча болуштуруудо (2-диаграмма) артыкчылыктуу орунду медицина ээледи. Бул тармакка 92 коргоо документинин ичинен 74 коргоо документи туура келип, бул 80 процент™ тузот. Бул тармакта коргоо документтеринин кебу, б.а. 48 коргоо документи дарылоо ыкмалары менен медициналык тузулушторго, I3у — фармацевтикага жана гигиена каражаттарына туура келет. Андан кийинки орунда айыл чарбасы турат — II (12 %), алардын ичинен бешоо жер семирткичтерге тиешелуу, тертое — бодо малды дарылоо учун дары препаратттарына, экое — зыянкеч курт-кумурскаларга каршы колдонулуучу дарыларга (инсектициддер) кирет. Тамак-аш енор жайына тиешелуу ойлоп табуулар 7 коргоо документин тузот (8 %). Алардын ичинен тортео — биотехнологиянын объектилерин колдонуу менен даярдалуучу алкоголдуу ичимдиктер менен алкоголсуз суусундуктарга, экое — сут продуктуларына, бироо — камыр даярдоонун ыкмасына кирет.

2-диаграмма

Коргоо документтерин экономикалык ишмердуулуктун турлеру боюнча болуштуруу




Классификапиялоонун жогорудагы маалымагтарына ылайык, биотехнологиялык ойлоп табууларга берилген коргоо документтери томондогудой белуштурулгон: биотехнологиялык ыкмаларга — 58, биотехнологиянын ар кандай объектилерин колдонууга — 26, биотехнологиялык тузулушторго — 5, тируу организмдерге тиешелуулорго — 3.

Р'егиондор боюнча болуштуруудо Чуй облаетынын отунмо ээлерине 2 гана коргоо документи берилген, ал эми калган 90 коргоо документи Бишкек шаарына туура келет.

Коргоо документтеринин жарыяланган жылдар боюнча белуштурулушу 3-диаграммада келтирилген. 1995-жылы болгону 4 жарыялоо болгон, 1996-ж. - 18, 1997-ж. - 15, 1998-ж. - 16, 1999-ж. - 10, 2000-ж. - 9, 2001-ж. - 13 жана 2002-ж. (6 ай ичинде) — 7 жарыялоо болгон.

3-диаграмма

Берилген коргоо документтеринин жылдар боюнча белуштурулушу




Ошондой эле коргоо документтери бар субъектилердин категориялары боюнча талдоо жургузулген. Анда 39 коргоо документи жогорку окуу жайлары менен илимий-изилдее институгтарына, жеке адамдарга — 50 жана илимий-ендуруштук ишканаларга — 3 коргоо документи туура келери аныкталды, бул тиешелуу турде 42.4, 54.3 жана 3.3 гтроцентти тузет.

Алардын ичинде биотехнологиялык ойлоп табууларды патенттоодо томондогулор: Кыргыз мамлекеттик медицина академиясы (КГМА), Онкология жана радиология боюнча Кыргыз ИИИси, Курортология жана калыбына келтирип дарылоо боюнча Кыргыз ИИИси, КР УИАнын химия жана химиялык технология институту, ал эми жеке адамдардын ичинен Вольвич В.И., Тимофеев В. А., Алишеров А. Ш. жана башкалар зор активдуулукту корсотушту.

Азыркы кундо Кыргызстанда томонку илимий мекемелерде: КММАда, КР УИАнын биология-топурак таануу институнда, КР УИАнын биохимия жана физиология институнда, Акушерлик жана педиатрия ИИИсинде, Мал чарбачылык, ветеринария жана жайыттар боюнча ИИИсинде, Кыргыз агрардык университетинде, КМУУда, КТУнун ХТИИИсинде жана башкаларда биотехнология тармагында бир катар илимий иштеп чыгуулар жургузулуп жатат. Алардын иштеп чыгуулары келечекте патентгелиши мумкун. Ошону менен катар биотехнологиянын натыйжалуу онугушуно тоскоол болуп жаткан кээ бир койгойлуу маселелер бар. Алардын бири — финансы маселсси. Илимге жыл сайын болунуучу финансылык каражаттардын жалпы коломунун 10-15 проценти гана биотехнология менен генетика боюнча илимий-техникалык долбоорлорду иштеп чыгууга багыталат. Ошондуктан бул иштердин терендиги жана натыйжалуулугу азырынча жогору эмес жана республиканын экономикасынын талаптарына жооп бербейт.

Жалпысынан бул изилдоолор Кыргызстанда 1995-жылдан 2002-жылга чейинки мезгилдин ичинде медицина кыйла тез онуккондугун, коргоо документтеринин кебу жеке адамдарга берилгендигин корсотту, бирок алардын кепчулугу илимий-изилдоо институттарынын же жогорку окуу жайларынын кызматкерлери экендигин белгилеп кетишибиз керек. Ошентип, бул тармакта патентгоеде жогорку окуу жайлары менен илимий-изилдое инсгитуттары чон роль ойношууда, ал эми алардын биотехнологиянын енугушундогу ролу жогорулашы керек. Бирок муну учун биотехнологиялык изилдеелерго мамлекеттик колдоо жана илимий-изилдое институттарынын материалдык-техникалык базасын чындоо керек. Бул жонундо Кыргызпатент уюштуруп, 2002-жылы 15-октябрда откергон "Кыргыз Республикасындагы биотехнологиянын азыркы абалы жана аны енуктуруунун келечеги" аттуу тегерек столго катышкан окумуштуулардын суйлеген сездерунде баса белгилснди.

***Лдабияттар:***

1. Рыбальский Н. Г. Объекты биологии и биотехнологии: Методические рекомендации по правовой охране. — М.: ВНИИПИ, 1988. — 221 б.
2. Рыбальский Н. Г. Объекты биологии и биотехнологии: Методические рекомендации по правовой охране. — М.: ВНИИПИ, 1990. — 325 б.
3. Кыргызпатенттин 1995-2002-жылдар ичиндеги "Интеллектуалдык менчик" расмий бюллетени.
4. The organisational structure of the European Patent Office, 2002.

**АВТОРДУК**
**УКУК**

# АВТОРДУК ЖАНА ЧЕКТЕШ УКУКТАРДЫ ЖАМААТТЫК БАШКАРУУНУН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК МААНИСИ

***Оморов Р. О.*** - *техника илимдеринин доктору, профессор, Эл аралык жана КР Инженердик академияларынын академиги, КР УИАсынын корреспондент-мучосу*

***Чекиров А. Ч.*** - *Авторлордун жана укук ээлеринин мулктук укуктарын жаматтык башкаруу борборунун деректиринин орунбасары*

Дуйнелук чекте кептеген мамлекеттерге интеллектуалдык менчиктин есуп-енугуусу коомдогу социалдык, саясый жана экономиканын жогорулашында эн бир орчундуу аспаптардын бири экендиги женунде тушундуруу иштери кептен бери жургузулуп келет. Бул экономикалык абалы начар же жаныдан жетилип есуп-енуге баштаган чейролерге бирдей таандык болуп жатканы менен маанилуу. Себеби бугунку коомдук тузулуштун кайсы гана формасын алып карабайлы енор жай, айыл чарбасына тийиштуу бийик керсеткучтогу жетишкендиктер менен катар учунчу баскычта интеллектуалдык менчиктин объектилеринин жетишкендиктери маданий жана техникалык ири елчомдордун негизин тузуп берип жаткандыгы. Коомдук тузулуштун онутундо мына ушул уч тараптагы багыттардын осуп-енугуусу аркылуу гана алга жылыш боло тургандыгы айгинеленип турат. Илимдеги, адабият жана искусстводогу жетишкендиктер ондуруштун илгерилешине, жаны технологиялык озгоруулордун пайда болуусуна, рыноктук шарттарда рухий корком чыгармалардын элге пайдалануударынан келип тушкон киреше пайдалардын топтолушу, мамлекеттердин жалпы казынасынын олчомун улам кобойтууго туртку болуп жатканы бар. Бул озгочо маданий индуетриянын, искусство тармагындагы ири корпорациялардын чыгарган продукцияларынын жалпы массага, колдонуучуларга таратылган басымдуулугу, ошол мамлекеттин экономикалык жакгагы башкы секторлорунан болуп жаткандыгы, буга бутундой мамлекеттик денгээлде колдоолорго алынуусу, элдин экономикалык жана социалдык жактан камсыз болуусуна, жакшы турмушта жашоолорго алып келуулорун шарттагандыгын коробуз. Биздин олкоде эгемендуулук жагдайлардын негизинде мурунку коомдук тузулуш, улуттук чекте турбаган идеология, классикалык философия, жалпы психология озунун чектелуу алкагынан бирдей эле учурда жаны коомдук мамилелердин жана алардын ар кыл жацыланган тустогу элементгерине ылайыкташтыруу аракеттери корулуп жаткан учурда интеллектуалдык менчикти мамлекеттик денгээлде кеторуп чыгуу, эл аралык стандартгарга шайкеш келген улуттук мыйзамдардын кабыл алынышы менен колго алынып отурат. Бир эле мисал катары интеллектуалдык менчиктин системаларынын бири болгон, корком рухий дуйнобуздогу илим, адабияг жана искусство объектилерин улуттук жактан коргоо маселелерин кеторуп чыккан "Автордук укук жана чектеш укуктар

жонундо", "ЭЭМ учун программаларды жана маалымат базаларын укуктук коргоо жонундо", "Интегралдык микросхемалардын топологияларын укуктук коргоо жонундо" мыйзамдардын кабыл алынышын атасак болот. Бул мыйзамдар олкобуздун жалпы маданиятында биринчилсрдсн болуп кабыл алын-' ran тарыхый документтер боЛуп эсептслинст.

Ырас, жогорудагы жетскчиликкс алынуучу документтердин тузулушу, укуктук коргоо системалары, ар бир статьялары эл аралык етандарггарга шайкеш келип, улуттук озгочолукторго маани берилип гузулгондугу бар. Деген менен мына ошол мыйзамдардын аткарылышында ар кыл ыкмалардын колдонулуш жагдайлары бир еызыкча менен тастыкталап турганы менен иш жургузуу практикаларына кенкесири дайындалган. Мына ошол автордук укук жана чектеш укуктар боюнча мыйзамдын 1У-болумунун, 44-45-46-47-статьялары авторлордун мулктук укуктарын жамааттык негизде башкаруу иш чараларына арналып, бугунку демократиялык багыттарга кири1ителип укуктук коргоо маселелеринин авторлордун кызыкчылыктары бирдей топ келген топтуп башкаруучу функцияеын колго алуусу бар. Себеби жалгыз автор озунчо жазылган чыгармаларын аткаруу процесстерин так козомолго алып озуно тиешелуу калем акысын же болбосо жекече мулктук эмес же мулктук укуктарын башкара албай турган корунуш белгилуу. Мулктук укуктарды жамааттык башкаруу процесстери откон кылымдарда эле Франция олкосундо биринчилсрдсн болуп которулуп чыкканы да бекеринен эмес. Анткени улам жылдар откон сайын коомдук тузулуштун багыттары озгорулуп, адамдардын ансезимдери, корком эстетикалык доолоттору, кабыл алуучулук, маалымат каражаттарынын техникалык, электрондук киберайдынынын бийиктеринен корком чыгармаларды жаратуучулардын укуктук коргоо жактары акгуалдуу маселелерден болуп келет. Мына ошондуктан дегеле <u>авторлордун мулктук укуктарын жамааттык башкаруунун ички мамилелсрин калыпка салууда пайдалалуулугу кайсы? Жалпы коомдук тузулуш менен корком эстетикалык чыгармаларды жаратуучулардын оз ара экономикалык жана социалдык, андан калса идеологиялык. улуттук салттуулукту тузуу жана улантуу жагдайларына кандай карым-катнаштыгы бар? Эгерде авторлордун мулктук укуктарын укуктук жактан коргоо маселелерин ар кайсы коомдук уюмдардын чегине топтоп "автономиялык эркиндике" кое бергенде кандай корунуш болот эле? - деген суроолорду чечмелеп королучу.</u>

Е.иринчиден, мурунку СССР курамына киришкен мамлекеттердс тузулгон Буткул Союздук автордук укукту коргоо болумдордо (ВААП) мамлекеттерлин буйруктары менен чектелуу жагдайларда, укуктук маани жайлары ото эле кыска мазмундарда иш чаралары бирин-экин гана жургузулуп, жалпы авторлордун жана укук ээлеринин укуктары корголбой келгендиги белгилуу. Бул жерде автордун бир гана кызыкчылыгы - бир гана жолу чыгармасына калем акы алуу менен чектелип, ал эми кийинки колдонуу, нускалап чыгаруу, эл алдында аткаруу же болбосо котормолоп же аранжировкалап чыгаруу процсстеринде автордун макулдугусуз, жалпы "элдик мурас" дегеи ат менен ар ким озу каалагандай пайдаланып, анын экономикалык жактан киреше апкелген пайдалуулугун туйтунган. Автор озунун чыгармасына бир эсден карата! да ээлик кыла албагандыгы, копчулук учурларда котормочу, аранжи-

ровкалоочу же чыгарманы аткаруучу андан калса фонограмма тузуп аны эфирге беруучу экинчи тараптагы чыгарманы менчиктеген субъсктилср пайда болгон. Алар чыгарманын баштапкы эстетикалык коркомдук, гармониялык же мазмундук критерияларын бузуп, ондоолор менен анын жалпы табиятына доо кетируу абалын тузушкендугу белгилуу. Жаны коомдук систсманын багытгары оз алдынча болгон мамлекеттерде озунун улуттук каада-салт, наркнасили менен кыртышталган, ал эми тузулуш мазмундук жактары осуп онуккон олколордун кандайдыр бир ийкемдуу ыкмаларын колдонуу шарттарында <орком рухий дуйнедогу укуктук коргоо жактарын ошол мамлекетгердеги мурунтан калыптанып калган иш чараларын кабыл алуу мумкунчулугу болду. Башкача айтканда корком маданияттын табылгаларын борборлоштурулган уюм, авторлордун коомдук башталышта оз ыктыярлары менен кызыкчылыктары бириккен уюмду тузуу менен ошол уюм же мекеме аркылуу жамааттык негиздерде иш алып баруу жолдорун кабыл алышып. бул процесстер буткул дуйнодо эн эле прогреееивдуу формата айланып отурганы бекеринен эмес.

Ьугунку эл аралык стандарттарга шайкеш келген, авторлордун жана чектсш укук ээлеринин укуктарын жамаатгык негизде башкарууда, "чет элдик" жг "озубуздун улуттук" дебей. озгочолонгон мамилелерди пайда кылбастан жалпы автордук деп аталган укуктук коргоо жагдайларын жонго салуу иш чаралары жургузулуп жатканы келечектуулугу менен озунун коомдук тузулуштогу ордун ээлеп турат. Бугунку автор же укук ээлерине озунун жараткан, менчик чыгармаеына материалдык багыттардагы ээлик кылуучулар сыяктуу эле ар тараптуу укуктук жактары жеткиликтуу чегерилген, кааласа чыгармаеын жарыкка чыгарат же чыгарууга уруксат бербейт. Озуно экономикалык жактан пайдалуулугу жок болсо. тигил же бул колдонуучу тараптарга гыйуу салат же оз ара келишимдик негизде материалдык жактарын канааттандыра алат. Автор озунун чыгармасы кайсы жерде, ким аткарып журот же кандай абалда чыгармасы оригиналдуулугун жоготпой элге жетип атабы, ал кандай ыкмалар менен жеткирилуудо сыяктуу иш аракеттерин жалгыз жургузууго мумкунчулугу эч качан болбостугу, бул учун бир гана жолжамаатгык башкарууну алып жургон мекеме менен тана мамиле тузуп, ага мучо болуп киргенде озунун мулктук укуктарын мыйзамдуу коргой ала тургандыгын билет. Бул турмуштук практиканын айкын корунушу. Коп жылдардан бери жамааттык иш алып баруулар калыптанып калган олколордо илим, адабият жана искусство чыгармаларынын озгочо музыкалык искусство, прикладдык-техникалык формалардагы иштерди алардын авторлорунун укуктарын мамлекеттер аралык коргоого алуу учун коптогон маалыматтык базалары бай, те.чникалык-билдируучулук жайлары бугунку технологиянын жабдуулары менен камсыз болгон коомдор бар. Мисалы, Россиялык автордук коом (РАО). Композиторлор, авторлор жана басмаканалардын Америкалык коому (ASCAP), Репрографиялык репродукциялар укуктарын башкаруучу Швециялык мекеме (BONUS), Дизайнерлер менен суротчулордун автордук укуктарын башкаруучу Великобритания Коому (DASC), Эл алдында аткаруучулук жана механикалык турдо музыкалык чыгармаларды жазуунун укуктарын башкаруучу Германия Коому (CEMA), Фонограмма чыгаруучулардын жана аткаруучулардын укуктарын жамааттык башкаруучу Дания Коому (GRAMEX), Драма

Патенттик маалыматтын курамына онор жай менчигинин коргоого алынган объектилери (ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, онор жай улгулору, товардык белгилер, фирмалык аталыштар ж.б.) жонундо маалымат-тардын топтомдору кирет.

Патенттик ведомстволордон Интернетке тушуучу маалыматтардын айырмалуу озгочулугу, биринчиден, ал билдирилген жана каттоого алынган техникалык чечимдер жонундо, алардын укуктук статусундагы кийинки озгоруулор жонундо расмий жарыялоолорго негизделген, экинчиден, ал Ин-тернетке эркин (акысыз) пайдалануу режиминде тушкондугу болуп саналат.

Интернеттеги маалымат белгилуу даана тармакка арналган туйундорде (Web-site) жайгашкан. Кайсы бир патентгик ведомствонун туйунуно кайры-лып, анын маалыматын пайдаланууну каалагандар анын дарегин компьютер-ден териши керек, компьютер болсо Интернеттеги керектуу жерди таап чы-гып, пайдалануучуга керектуу маалыматты бере алат.

ИМБДУнун Маалымаггык технологиялар боюнча туруктуу иштоочу комитета АКШнын патенттик ведомствосунун окулдоруно онор жай менчиги боюнча электрондук-санарип (цифралык) китепканасынын (Intellectual Property Digital Library - IPDL) буткул дуйнолук туйунун тузуу боюнча ИМБДУнун программасынын чегинде патенттик ведомстволордун Web-site

туйунун кутуу $Y^{4}Y^{H}$ сунуш даярдап беруусун суранган. Буд сунушта Web-sitc га карата теменку талаптар камтылат, б.а. анда томенкулер болушу керек:

- интеллектуалдык менчиктин патенттик ведомстволору менен уюмдарынын маалыматтары, алар эки тилде: улуттук ведомствонун тилинде жана англис тилинде берилиши керек;
- улуттук ведомствонун иши жонундо маалымат жана улуттук системаны пайдалануучулар учун пайдалуу болгон башка маалыматтар;
- интеллектуалдык менчик тармагына жацы келген кишилер учун маалыматтар;
- улуттук ведомствонун жарыяланган патенттик докумснттери менен кошо издоо учун маалыматтар коп камтылган база.

Интернетке берилген чет олколук патенттик ведомстволор менен уюмдардын Web-site туйунундогу даректеринин тизмеси томонку таблицада берилди.

Таблица

Интернетке берилген чет олколук патенттик ведомстволор менен уюмдардын Web-site туйунундогу тизмеси, алардын даректери

| Коду | влколор/Уюмдар | Дареги |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| AU | Австралия | http://www.ipaustralia.aov.au/ |
| AT | Австрия | http://www.palent.bmwa.gv.at/ |
| US | AKIll | http://www.uspto.pov. |
| DZ | Алжир | htlp;//www.inani.dni |
| AD | Андорра | littp://www.ompa.ad |
| AR | Аргентина | http://www.ntecon.gov.ar/inpi/derault.htin |
| BE | Бельгия | http://www.european-patent-o fficce. orc/pat 1 ib/cou n t ry/belgi u m/ |
| BX | Бенелюкс | http://www.bmb-bbm.org |
| BA | Босния жана Герцеговина | htto://www. bill. net. ba/'~/smp |
| BR | Бразилия | http://www.inpi.gov.br |
| HU | Венгрия | http://www.hpo.hu |
| DE | Германия | http://www.deutscbes-patentamt.de |
| GR | Греция | http://www.european-palenl-ollicc.org/pal lib/counlrv/s! recce/index. In ni |
| GE | Грузия | http://www.global-ertv.net/saqpatenti |
| DK | Дания | http://www.dkpto.dk/ |
| EA | Евразия патенттик ведомствосу | hllp://w\vw.capo.org |
| EP | Европанын патенттик ведомствосу | http://www.european-patent-office.org |
| NZ | Жаны Зеландия | http://www.iDonz.govt.nz |
| WO | ИМБДУ | http://www.wipo.int |
| ID | Индонезия | http://www.patent.go.id |
| IS | Исландия | http://www.els.stir.is/ |

Таблицанын улаидысы

| 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|
| ES | Испания | http://www.oepm.es |
| IT | Италия | http://www.euroDean-natent-ofTlce.org/it/ |
| CA | Канада | http://www.ODic.ec.ca/ |
| KR | Корея Республикасы | http://www.kiDO.ao.kr |
| с и | Куба | http://www.ceniai.inf.cn/OCPI/ |
| KG | Кыргыз Республикасы | http://www.kvrRvzpatent.kg |
| CN | Кытай | http://www.cpo.cn.net |
| LT | Л итва | http://www.is.lt/vpb/enel |
| LU | Люксембург | http://www.etat.lu/EC/ |
| МК | Македония Республикасы | http://www.ippo.aov.mk |
| MY | Малайзия | http://kpdnhq.gov.mv/ |
| MA | Марокко | http://www.nicinet.ROv.ma/mciweb/sipic/deaut.htm |
| MX | Мексика | http://www.imDi.Rob.mx |
| MC | Монако | hltn:/Avww.cui4 pean-natent office.orc/n*at lib coiir'TV''^ •.••.,••> |
| NL | Н идерланд | http://www.bie.minez.nl |
| UZ | бзбекстан | http://www.patent.uz |
| PE | Перу | http://www.indecopi.fob.pe/ |
| PL | Польша | http://www.uprp.Dl |
| PT | Португалия | httD://www.iiiDi.Dt |
| RU | Россия Федерациясы | http://www.rupto.ru |
| RO | Румыния | http://www.osim.ro |
| SG | Сингапур | http://www.pov.sg/molaw/rtnip/ |
| SK | Словакия | http://www.indDrop.Rov.sk |
| SI | Словения | http://www.sipo.mzt.si |
| TH | Таиланд | http://www.dbe. moc.Ro.th/DlP/enft/index/_ht ml |
| TR | Туркия | http://turkptent.gov.tr |
| UA | Украина | http://www.spou.kiev.ua:8101/eng/emenu.html |
| GB | Улуу Британия | http://www.patent.gov.uk |
| PH | Филиппин | http://www.dti.gov.ph.ipo/ |
| Fl | Финляндия | http://www.prh.fi |
| FR | Франция | http://www.inDi.fr |
| HR | Хорватия | httD://Dubwww.srcce.hr/Datent |
| CZ | Чехия | http://www.upv.cz |
| CM | Швейцария | http://www.ige.ch |
| SE | Швеция | http://www.prv.se |
| EE | Эстония | http://www.cpa.ee |
| 1 JP | Япония | http://www.iDO-miti.Ro.ip |

Каалаган патенттик ведомствонун Web-site туйунун кароо учун Explorer программалык камсыз кылууну ишке киргизуу керек да, андан ары ведомствонун дарегин киргизуу керек, анткени байланыш ушул дарек боюнча жургуз\лот.

Кыргызстандын маалымат пайдалануучулары эн коп пайдаланышкан

маалымат - бул Россиянин онор жай менчиги боюнча маалыматтар базасы. Роспатент 1999-жылдан тартып Интернет аркылуу (http://www.rupto.ru/ "Патенты") чыгууга боло турган Россиянын патенттик документгеринин маалыматтар базасын тузуу боюнча иш баштаган, ошонун негизинде томонку маалымат базалары тузулгон, алар:

• 1994-жылдан тартып РФнын отунмолору жана патенттери боюнча библиографиялык маалыматтары, рефераттары, толук баяндамалары менен кошо Россиянын патенттик документгеринин толук тексттери;

• 1994-жылдан тартып отунмолор жана патенттер боюнча библиографиялык маалыматтары, рефераттары жана тандап алынган графикалары менен кошо Россиянын патенттик документгеринин рефераттары;

• 1994-жылдан тартып пайдалуу моделдер боюнча библиографиялык маалыматтары, рефераттары жана тандалып алынган графикалары менен кошо пайдалуу моделдердин рефераттары;

• 1994-жылдан тартып библиографиялык маалыматтары, рефераттары жана тандалып алынган графикалары менен кошо Россиянын патенттик документгеринин англис тилиндеги рефераттары.

Интеллектуалдык менчикти эркин соодалоонун жана коргоонун эл аралык эрежелерин дуйнолук масштабда жузого ашыруу учун маалыматгык ресурстарды жалпы стандартгар боюнча иштоочу бирдиктуу глобалдык гуйунго бириктируу керек. Бул багытта алгачкы кадамды ИМБДУ менен ЕПУ жасады. ИМБДУнун маалыматтык технологиялар боюнча туруктуу комитета патенттик ведомстволордун маалыматтык ресурстарын Интернет туйуну аркылуу туз чыгуу жолу менен биргелешип пайдалануу максатында онор жай менчиги боюнча электрондук-санарип (цифралык) китепканаларынын туйунун (IPDL) этабы менен тузуунун узак моонотгуу программасын даярдады. 1999-жылдан тартып ИМБДУ - WIPOnet глобалдуу маалымат туйунун ишке киргизуу боюнча иштер башталды. Бул туйун интеллектуалдык менчиктин ведомстволорунун ортосунда маалыматтарды откорууну, интеллектуалдык менчиктин ведомстволорунун автоматташкан китепканаларынын документ топтомдоруна чыгууну, PCT жол-жобосу боюнча эл аралык отунмолорду электрондук берууну камсыз кылууга арналган, ошондой эле андан пайдалануучулар ИМБДУнун Буткул дуйнолук академиясынын окуу китептерин пайдалана алышат.

***Адабияттар:***

1. Современные возможности поиска в Интернет/Тузуучу Jl. Г. Кравец. - М.: ИНИЦ Роспатента, 2000. - 74 б.

2. Ненахов Г. С., Максимова В. В., Шеланкова Н. В. Информационные ресурсы зарубежных патентных ведомств и ВОИС в Интернет: Метод, пособие для экспертов. — М.: ИНИЦ Роспатента, 2002. — 138 б.

3. Патентное дело. — М.: ИНИЦ Роспатента, 2002. — № 3.

4. Патентная информация сегодня, 2000. — № I.

5. Патентная информация сегодня, 2000. — № 2.

6. Патентная информация сегодня, 2001. — № 4.





# ДООР ЖАНА ИНСАН

*Бул рубрика кыргыз сурот искусствосунуп негиз салуучулары, замандын. залкар суретчулвру С. Чуйковдун 100-жылдыгына жана Г. Айтиевдин 90-жылдыгына арналат.*

# ТУНГУЧ УЛУГГУК CYPGT4Y ЖОНУНДО СОЗ

***Асанбеков*** *С. А.* **-** *Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сицирген ишмери, профессор*



Республикабыздын маданий коомчулугу кыргыз керкем сурот онорунун негиз салуучусу, атагы алыска тааНыМал жебилге чебери Семен Афанасьевич Чуйковдун 100 жылдык маарекесин кенири белгилешти. Бутундей инсандык кудуретин, табигый талантын жан урон кыргызга арнаган, "соогу орус, эти кыргыз" Семен Афанасьевичке кыргыз эли кандай сый корсотсе да ага жарашары, а тугул аздык кылары бышык. Анткени ал кыргызга кылымдарга кыяты жанбас эмгек синирди. Кыргыз элин дуйноге даназалады жана кыргьщды кыргьвдын езуно таањпты.

Орустун белгилуу суротчусу Гелий Коржев менен болгон бир ангемесин анда-санда эскеришин, тамаша создун тегерегиндеги чындыкты минтип баяндашат...

Гелий Михайлович сураптыр:

- Семен Афанасьевич, сиз орустарды таргканьщыз барбы? - деп.

- Бар. Ал езумдун автопортретам. Аным да кыргызга окшоп калыптыр, - деп жооп берипгир Чуйков.

Кыргыздын мыкты пейзажчы суротчулерунун бири, бейиши болгур, Кулчоро Ксримбеков айтып калар эле:

- Согуш мезгилинен кийин Ленинграддагы И. В. Репин атындагы живопись, скульптура жана архитектура институтуна жер-жерлердеги онорчулорду оркундотуп остуруу учун улуттук кадрларды даярдоо боюнча студиялар ачылып, анда Жакул Кожахметов, Асанбек Молдахматов жана Алтымыш Усубалиев унообуз окуп жургонбуз. Бир жыл окуп, каникулга келип аяктаганда, поездде кетип бара жатсак Атайдын "Ой булбулун" созолонтуп ырдаган бироенун уну угулат. "Ким болуп кетти?" - деп, жакындап келеек, кыргыз эмес орус ырдап жатат. Ал жардана калган бизди коро коюп, кыргызча: "И-и, озубуздун балдар го. Келе койгула. Кай жакка бара жатасынар?" - десе, тан кала бири бирнбизди карадык. Ага чейин атын эшитсек да, Семен Афанасьевичтин озун коро элек болчубуз. Озубузду тааныштырсак, ал кудундап суйунуп: " О-о, жердеш гана эмес, кесиптеш да турбайбызбы. Баракелде, балдар, буюрса силер кыргыздардан биринчи жогорку билим алган суротчу болот экенсинер. Мени тааныбасанар, Чуйков деген кыргыз суротчусу мен болом. Жылда эрге жаздан кеч кузго чейин оз жеримде иштечу элем. Быйыл Москвага эртерээк баратам. Анткени ездук коргозмомдун ачылышына камылга корушум керек. Убактынар болуп калса, келип коруп ксткиле", - деди.

Биз бир чети Семен Афанасьевичти буга дейре тааныбаганыбызга уялынкырасак, экинчи чети ага жолдо кутпогон жерден жолугушуп таанышканыбызга озубузду озгочо бактылуу сездик. Анан калса сезмор киши эксн. Биз

билбеген кеп окуяларды, факгыларды баян эткен сездерун уксак деп куштарланып, Москвага жеткенче айланчыктап, жанынан чыккан жокбуз.

Семен Афанасьевичтин чыгармаларынын коргезмесу ачылганда Ленинграддан атайы келеек, бизди эски тааныштарындай, езу менен бир денгээлдеги суретчудей госуп алып: "Кергезмену кердунербу? Орустардан тартыптырмынбы?" - деп бажырайды.

- Кордук, бардык суреттврунуз кыргыздарга, алар жашашкан жерлерге арналыптыр, - деди Жакул Кожахметов.

- Бир орустун портрета турбайбы. Ал менин оз автопортретам. Менин чыгармаларым бутундой кыргыз дуйносунун ажарын ачууга арналат. Башка элдин жашаган чейросу да, жашоо турмушу да мени суротчу катары анчалык кызыктыра бербейт, - деген.

Ошол кергозмодон кийин биз Чуйков баштаган улуу муундагы сурет-чулордон окууну алдыбызга койгон максат да, енокот да кылып алганбыз...

Жогоруда келтирилген мисалдарыбыз Семен Афанасьевич Чуйковдун картиналарына алгач жолугушканда ар ким оз сезимин, жан дуйносунун кыймылы аркылуу узур коруп, езуне тааныш корунушторго салыштырып кабыл аларлыгын айгинелейт. Эсимде куну бугункусундей турат: колума тустуу журнал тийип, анда азыр ар бир сурот онорун аздектеген адамга кенири белгилуу "Кыргыз колхоз сюитасына" кирген картиналарды кергонде биздин айылдын эле жашоо-тиричилигин чагылдырып койгондой туюм менен кабыл алганым. Ал тугул ушул элди, ушул жерди коендун жагагына чейин тааныган киши го деп ойлочумун.

Ооба, тан ата сууга барган же, чомоло салып, мал жыйнаган аялдар балдарын кошо ала журушуп, туште ошол жерде кундун ысыгында эс алгандары, Чон Боздо ыргала оскон эгин талаасын аралаган шак жол менен аталарыбыздын чапкан чопторунон бир боо, эки боодон алып келгенибиз, согуштан кайтышеа да гимнастеркаларын чечише элек жигиттер менен бойго жеткен кыздардын созгон обондору, эстесем, аруу сезимимди алеп кылып жиберет. Кандайдыр бизге тааныш сыртынан жонокой, бирок озгочо ажайып дуйно коз алдыга тартылат. А кезде суретгордун маанилик жана коркемдук касиеттери эмнеге байланыштуу эКендигин билиш кайда. Бирок тоолордун катмарланган бийиктигине, жаратылыштын он-тусторуно жаныча баам сала баштагам. Демейде элес албаган корунуштор суротко гартылганда, мурда мен элес албаган башкача озгочолуктору менен берилгенде таасирлентип, кайра-кайра каратчу... Акылды азгырып, алам саатта асыл кыялды оболотчу...

Кийин университетке келип киргенде "Советтик Кыргызстандын кызын", "Кечти" сурот музейинен коруп, бир кездеги журналдан коргендер С. А. Чуйковдун картиналарынын репродукциялары экендигин билдим. Ал учурда музейдин бир гана залы болгондуктан, кергезмолор ай сайын алмашып, улам жанысына келип турууну бара-бара онокот кылып алдым. Университетти бутуруу учун дипломдук жумуш жазууда жетекчим философия илимдеринин доктору, профессор Махсуд Садыкович Жунусов "Искусство менен адабияттагы улуттук озгочолук" деген теманын устундо иштоеден мурда коп китептердин тизмесин берип, жумасына аларды кандайча оздоштургонумду такай козомолго алып турчу. Ошондон тарта сурот онеру

боюнча илимий монографияларды гана окубай, суротчулор менен дидаарлашууга, пикир алышууга кобуроок конул бурдум.

Семен Афанасьевич Чуйковду музейдеги картиналары, этюддары аркылуу алгач билсем, 1957-жылы Кыргыз суротчулерунун I Съсздинде кириш соз менен ачып, суйлогонун уктум. Бирок бетме-бст суйлошууго шарт да, ьщгай да болгон жок. Терен мааниси эмнеге байланыштуу айтылганын тушунбосом да, ошол кезде Кыргызстан КП БКсинин катчысы Абдыкайыр Казакбаевдин: "Семен Афанасьевич Чуйков Москвада такай жашаса да кыргыз сурот онорунун буга чейинки онугушуно синирген эмгеги жана азыр жаратып жаткан чыгармалары республикабыздан алыстабай иштеген суротчулордун эмгектеринен идеялык-коркомдук денгээлдери боюнча алда канча артык, алда канча салмактуу жана зор", - дегени эсимде калыптыр. Мындай кескин айтылган сездун торкунун териштирбесем да, эмнегедир, мык менен кагылгандай ушул учурга дейре эсимден чыкпай сакталганына азыр да тан калам. Бирок, соз эмнеге карата айтылганын билбейм. Балким, Семен Афанасьевичтин кыргыз сурот оноруно синирген эмгегин, уюштуруучулугун моюндарына алгысы келбегендерге кескин экскртуу катары айтылган кепти жетинчи сезим туйгандыр. Биринчиликти, кадыр-барктуулукту талашуу жургка таанылгандарга муноздуу эмеспи...

Семен Афанасьевич менен жакындап таанышуум 1958-жылы Кыргыз мамлекеттик (азыркы улуттук) сурот музейинс илимий кыматкерликке келерим менен бир ай отпой Москвада биринчи жолу уюштурулган искусствотаануучу, сынчылардын Буткул союздук бир айлык семинары откон учурда болду. Ага чейин мен озубуздун музейлерден башка коргозмо залдарды аралап корген эмесмин. Дуйнону туро кыдырышып, атактуу музейлердеги суротчулордун каргиналары гана эме<?, кайсы этюд канчанчы залга илингендигин коз алдыларына келтиришип, буйдалышпай кызыга ксп кылышкандарын укканымда "кайда келгем?" деп дапдаарый тушконумду, сурдогонумду эстеген сайын, ошондо «баса бергизбей» мени эмне кармады деген ой азыр да «кылт» дей калат.

Эми ойлосом, мени токтоткон, мага атамдай комок керсотушкон Семен Афанасьевич менен Гапар Айтиевич экен...

Семинардын ачылышында Сергей Васильевич Герасимов баштаган СССР Суротчулор союзунун жетекчилери, атактуу суротчулор, искусство изилдоочулор келишти. Алардын арасында Семен Афанасьевичтин жургенун коруп эмнегедир ичимден кымындай туштум. Эки жагын каранганынан улам кимдир бироону издеп жаткандай сезилди. Ангыча кулуп-жайнап, мени коздой басты.

- Кыргызстандан сиз келдинизби? - деп кулмундоп, колун сунду.

- Ооба, мен келдим, - дедим.

- Атын Сарманбы? - Мен жооп бергенче, - Чуйков деген мен болом. Сиздин жердешиниз, кыргыздын суретчусумун, - деп бажырайды.

- Сизди кантип тааныбайын. Залга кирип кслатканыныздa эле баамдагам, - дедим.

Кийин менин ысмымды ошондо так айтканын Союздун референттеринен сураштырсам, семинарга чакырылгандардын ичинде Кыргызстандан ким барлыгын, аты-женумду алардан сураi билип алыптыр.

Жыйырма кунчв Москвада кептеген дискуссияларды откеруп, музейлерди, ар кандай коргозмелорду коруп, он кунго Ленинграддын музейлерине жиберер алдында Суротчулор союзунда семинардын жыйынтыгы чыгарылды. Ал жыйынга да советтик сурот онорунун доо-шаалары, искусство иликтоочулер, сынаакы сынчылар келишти. Мындай семинардын биринчи жолу откорулуп жаткандыгы, искусство изилдоосуно, сынына мындан ары озгочо маани берилери, улуу олкенун бардык жеринде адис кадрлардын иштоолоруно конул бурула тургандыгы айтылды.

Семен Афанасьевичтин ошол жыйындан кийин коштошуп жатып айтканы азыр да эсимде турат...

- Кыргыз суретчулвру кыска моеноттун ичинде бир топ мыкты чыгармаларды жаратышты. Албетте, ийгилик бар жерде кемчилик да болот. Ошол ийгиликти, кемчиликти оз убагында сезип-туйдурууга сындын ролу чон. Кыргыз суротчулеру азырынча бири бири жонундо пикир айтуу менен чектелген сыяктанат. Ал эми анда-санда чыккан альбомдун же каталогдун баш сездерун суротчулордон башка эчким деле окубайт. Газета-журналдарда деле анчалык кыйратып чеке жылыткан макалалар жазылган жок. Искусство тууралуу жазышкан адистер канчалык активдуу болушса, суротчулордун да чыгармачылык жашоолору ошончолук кызыкгуу отпос беле. Эн окунучтуусу кыргыздар кыргыз суротчулорун тузук билишпейт. Деги эле элдин жалпы маданиятын остурбой, кеторбой туруп, кандай мыкты чыгармаларды жаратса да, аны менен мактангандык кылуу бекер айтылган ой жорууга окшойт. Элдин улуттук маданиятын которуу баарыдан мурда потенциалдуу окуучуларды, угуучуларды жана коруучулорду даярдоого, тарбиялоого байланыштуу. Ошондуктан кыргыз тилинде суротчулор тууралуу макалаларды, эмгектерди жазуу озгочо керек. Биз музейди уюштурганда, суротчулор Союзун тузгондо, сурот окуу жайын ачканда жергиликтуу элди чон маданиятка тарталы деген асыл максатты алдыбызга койгонбуз. Коп ойлорубуз, пландарыбыз ишке ашты. Антее да, элдин калын катмарына Чуйков ким, Айтиев ким, Акылбеков ким - белгисиз бойдон калууда. Алдыда коп иш бар. Ийгилик каалайм...

Семен Афанасьевичтин ошондогу мага кылган мамилеси кенулумду аябай курсант кылган. Озгочо Третьяков галлереясына, Ленинграддагы орус музейине киргенде орустун улуу суротчулорунун картиналарынын катарында анын чыгармаларынын илинип турушу, анын мени менен суйлошуп, жердешим экендигин эстегенде тобомду кокке жеткиргенсиген, сыймыкка белоген.

Ооба, кыргыз суротчулор Союзун, Сурот онер музейин тузуудегу, кыргыз живопись мектебин негиздеодегу биринчилик даражасы Семен Афанасьевич Чуйковго таандык экендиги бар.

Озунун гана чуйковдук темасын чечмелеп, езу терелуп, дуйне чындыгын алгач тааныган Ата-Мекенине деген уулдук аруу суйуусун ага биротоло арнап, кыргыз жашап, тиричилигин откерген жаратылыштын коздугуна, улуулугуна суктанып, элдик жасалга-колдонмо онорунде поэзияга

айланган когултур асманды, гулдоген жерди кыргыз суротчулерунун ичинен биринчи болуп, олконун кайра жаралуу идеясы менен байланыштырган.

Семен Афанасьевич бала кунунон кыргыздардын ичинде чоноюп, шаардан анчалык алые эмес тоо'лорго барып, коп учурда малчылардын уйлорундо туноп калчу. Алар колдо барларын тен белушуп, оттун жарыгында откон-кеткендерден кеп кылышчу. Конулду которгон ырларды ырдашчу. Ошол учурдан алган таасирлери Чуйковдун алгачкы да, омур бою оксубогон чыгармачылык кызыкчылыгы катары сакталып калды. Анын 1917-1920-жылдары жазылган "Тоодон ороонду караган корунуш", "Кедейлердин уйлору", "Кичинекей койчу", "Кыргыз аптиси" жана башка этюддары суротчунун жеке, чыгармачылык ботончулугун аныктоодо гана эмес, болочокто кыргыз живопись мектеби деп аталган багытгын калыптанышына да таасирин тийгизди. Мындай этюддарынын бир нечесин Гапар Айтиев атындагы Улуттук сурот музейине Семен Афанасьевич белекке берген.

Суротчу ВХУТЕМАСта окуп жургондо олконун коркомдук жашоосунда дискуссиялык абал окум суруп, ал оз жолун таап алуу учун эмне кылуу керек, деген дилеммага кабылганда бала кезде эч жерде окубай, оз алдынча тарткан этюддары жардамга келди. Чуйков дуйнолук реалиеттик сурот онорунун салттарын оздештургендон кийин да ымыркай кезинен, балалык кундорунон алган таасирлерин омур бою сактады. "Балалыкта жана оспурум кезде баштан кечиргендер ар бир суротчу учун жен эле баалуу эмес, оте кымбат. Алар анын сактоочусу, анын бактысы, чыгармачылыгын дайыма кубанычка белеген булак", - дейт Чуйков.

ВХУТЕМАСта Семен Афанасьевич дайыма газа живописке умтулган Р. Фальктан сабак алган. Искусствонун мыкты тарыхчысы, образдык тарыхый-коркем мунездемелоенун чебери Михаил Владимирович Алпатов "Искусствововеддин емуру" деген эмгегинде минтип жазган: "С. А. Чуйков жана анын аялы Е. А. Малеина. Чуйков Александр Ивановду кастарлоочу жана Нсаполитан булунун Иванов тарткандагы коз караштагы чекиттен жазган. Ал жана анын аялы да Р. Р. Фальктын окуучулары болушкан, бирок аялы гана туске тикеден-тике мамилеси менен ез окутуучусуна берилгендигин сактап калды".

Ооба, Чуйков Фальктан сабак алса да, бирок анын таасиринде болгон жок. Роберт Рафаилович да педагогдук укукка салып, ага чыгармачылык кысым корсоткон эмес. взу да дайыма натурадан чыгарма жазган Фальк Чуйковдун ез алдынчылыгын негизинен колдоду. Чуйков туулуп оскен жерине улам кайрылып жаны-жаны этюддарын картиналарын жазуусун уланта берди. Улам барган сайын ез дуйносуно терендеп кирип баратты. Озгочо асман тиреген тоолор, тоолорду мекендеген жонекой адамдар демине дем кошуп, алар жаккан оттун тутуну гана эмес, ышталган туурдуктун жыты да конулун козутуп, алда кайдан тартып турар эле. Канчалык кыйналып-кысталса да кембагал кыргыз руханий дуйносунун сулуулугун аздектеп дайыма жакшы касиеттерин аялуу буюмдай асырап жашагандыгы, келген адамга колунда барын тен белушкен меймандостугу, кен пейилдиги, ырдаса да, суйлосо да, кунумдук жашоого урунган буюмдарында да терен ойго урунттуу образдуулукка, эпикалуулукка умтулгандыгы кыргызга деген урмат-сыйын арттыра берген. Валким, Чуйковдун чыгармаларындагы сырткы

жонокойлук, ички олуттуулук демейдеги тусгуулук дегсн тушунукке дал келбсй калуусу мумкун.

Семен Афанасьевич Чуйков картина жаратканда анын сырткы коркомдук формасына да, ички мазмундук маанйсине да терен ой жугуртуп, "жети олчоп, бир кесмей" принципке айдандырды. Жонокой карандаш же калем сап менен сурот тартабы, же этюд жазабы аддына эн зор чыгармачылык максат коюп иштоо инсандык касиети болуп калды. Картина жазууда кээ бир суротчулордой этюддарды чонойто салуу ыкмасы менен чектелууну четке какты. Сурот, этюд, эскиз, картондорду эчен варианттап жараткан учурда кайра-кайра кайрылуу, жацыларын тузуу ал учун конумуш чыгармачылык процесс эле. Москвадагы онорканасына барган кезде кээ бир картиналарды бир рече жылдап бутпогонун коруп тан калчумун. Картинага баруучу кынаптап иштоону талап кылган жол ото машакаттуу изденуу экендигин ар бир чыгармасына даярдаган комокчу материалдары айгинелечу.

Семен Афанасьевич озунун адабий эмгектеринде да, бутундой чыгармачылыгында да суротчу оз темасынан, жанрынан, суротчулук жана турмуштук ышкыбоздугунан танган эмес. Ал оз темасын, жашоо дуйносун таап алгандыгы учун чон суротчу болду. Анткени адам дуйнону чындап суйгондо, терен жана олуттуулугун тушунгондо, эптеп пайда коруу максатынан иштин кызыкчылыгын жогору коюп, зор шыктануу менен коздогонун аркалаганда гана эмгегинен баар табат.

Адис мерген андыи сырын апалыстан тааныган сынары жашоого умтулган, белгилуу теманы коздогон суротчу кээде андабаган адам кутпогон жерден укмуштууДай сюжеттердин катмарын табат. Жонокой корунушке терен маани батырат. Болбосо бооруна китеп кысып, мектепке бараткан же дарбыз кармап, тиштерин кашкайта кулгон кыздарда, эртец мснсн колун ссрспчилей, козун кундон калкалап, алда кайда коз чапгырган аялда анчалык драмалуу белги жок. Бирок айлана-чойролор менен алардын эриш-аркак жарашыгы коргон адамдын бир эсс коз жоосун алса, бир эсе катмарлашкан коп элестерди коз алдыга келтирет. Мындай таасирдуулукко жетишуу учун суротчу канча эскиздерди жаратпады, канча этюддарды жазбады.

Семен Афанасьевичтин чыгармаларына коз чаптырганда кыргызга мунроздуу белгилерди, аптилерди, пластикалык кыймылдарды, кыргыз ээлинин ой жугуртуулору менен умтулууларын гана эмес, кыргыз аздсктеген тусторун, алардын кыртыздык айкалыштарын, картина жазуунун техникасын искусстводогу европалык жана орус тажрыйбасын кыргыз кыртышында гана оздоштурулбостон, оз элинин маданиятын, тарыхый озгочулугун терен ссзгсндиги да оболго тузгон деген жыйынтык озунон озу кслип чыгат. Суротчунун алгачкы этюддарынан акыркы полотнолоруна чейин ыраттуу карасак анын чыгармачылык изденуусу кыргыз элинин тарыхый осуп-онугуусунун оз алдынча баскан жолун суроттоо ыкмалары менен, эриш-аркак журуп ошондон чуйковдук корком дуйне калыптандыгын баамдоого болот.

Бала кездеги этюддарында коргондорун реалдуу чындыкты озундей беруу аракти менен тусторду интуитивдуу оздоштурсо, кийин сурот боюнча атайын билим алып келгенден кийин бала кездеги биринчи чыгармачылык тажрыйбасына кайрылуу акырындап оз жемишин бере баштайт. Улам жаны этюддарды жазуу качандыр бир сезими наристе кезинде басып откон жолго кайра тушкондугунун кадиксиздигин баамдатат. Корсо тоолуу географиялык

чейрв элдин урп-адатындагы, салт-санаасындагы, мунозундогу озгочолукту калыптаган сыяктуу анын коро билуусун, тустврду, формаларды кабыл алуусун да калыптайт экен.

Кызык жери, Чуйков кийин дуйнолук сурот онорунун атактуу окулдорунун чыгарма жаратуу ыкмалары менен таанышканда алардын чыгармаларындагы турмуш чындыгын беруу боюнча реализмдин кучу озгочо таасирленткенин суротчулор жана сурот окуу жайынын окуучулары менен жолугушканда айткандарын кулагым чалган. Мисалы, картинанын колорити суротчунун жеке табити же озгочолугуно жараша гана жаралбастан, курчап турган жаратылыштын озгочулугу да таасир этет экен. Суротчу адамды курчап турган ар кандай буюм-тайымдарды, кийимдерди, аптилерди суроттоо менен жаратылыштагы тондорду, тустврду картиналарында чагылдырат. Кылымдардан кылымдарга алкагында асыраган табият элдин тусторго мамилесин, тушунугун калыптайт. Тустер элдин жасалга-колдонмо улгулерунде да чагылдырылат. Эгерде кыргыздардын кызыл жана кок тусторго карата соз тизмектерин, макал-лакаптарын андап корсок, аларда тсрен социалдык да, коз караштык да маани камтылганын байкайбыз. "Кыздын козу кызылда", "кыз экенде - кызыл кыз, жаман катын кайдан чыгат?" - деген макапдарда сулуулук, артыкчылык тууралуу соз болуп жатпайбы. Ал эми шырдакта кызыл туе жашоонун башталышы, кундун чыгышы, жердин гулдошу, жаздын келиши сыяктуу тушунукторду берет. Кок туе болсо кыргыздар учун олуттуулукту, чексиздикти, бийиктикти, асман дегенди билдирет. "Асман менен когунун тироосу элен, кан тором", "Коктон кек нур жаады", "Кокке тобосу жетти" деген сыяктуу соз тизмектеринде шырдактагы образ-метафоранын мааниси сыпатталган.

Чуйков бир чети улуу суротчулордун чыгармаларындагы тустордун териштерилишине, экинчи чети озунун бала кездеги этюддарына кайрадан коз салганда, алар анын колориеттик изденуулору учун чон таасир коргозгон деп айтууга болот. "Кыргыз колхоз сюитасына" кирген картиналарын, пейзаждарын же индиялык сериясын коргондо алардагы колориеттик тема картиналардын темалары менен эриш-аркак байланыштуугуна суктана тан бересин. Ал боекторду бет келди пайдалана бербейт. Живопистин колорити жерди, учурду, элдин табитин, кайсы тусту аздектегенин биддирет. Чуйков колориеттик табылгаларында эчен кылымдар калыптанган тустордун элдик айкалышын картиналарында реалиеттик жалпылаштыруу мумкунчулугу аркылуу оздоштургон.

С. Чуйковдун жараткан образдары кыргыздардын эпосторундагы, жомокторундагы каармандарга берилген сыпаттарды, кыргыз тууралуу жазып кетишкен изилдоочулордун, саякатчылардын байкагандарын коз алдыга тартат.

Семен Афанасьевичтин чыгармалыгынын сырткы композициялык тузулушунон тарта ички ыргагына, тусторунун териштирилишине, образдык чечилиштерине, каармандардын психологиялык мунездемелоруне ар бир деталына дыкат коз сала отуруп, эмне учун улуту орус суротчусу кыргыздардын дуйносун кыргыздын озунон артык тушунот, сезет? - деген суроону озуно озун эриксизден берип аласьщ. Балким, болгар режиссеру

Крикор Азаряндын озу тууралуу айтканы Чуйковдун дуйносун тушунууго кемоктошуп журбесун?

- Мен Болгарияда теролдум жана чонойдум, - дейт Азарян, - болгарча суйлойм, болгарча ойлоном, а армянчага откендо да фразаларды эне тилим болгар тилинде курам. Бирок мен улутум боюнча армянинмин, балким, ошондон улам Болгариянын улуттук мунозунун жана жашоосунун кээ бир озгочолугун озгочо курч сеземин. Алар мага ото кучтуу таасир берет жана коп тустуу, ачык, коз алдыга тартылчу, угулчу, сезилчу образ тузулот...

Семен Афанасьевич кыргызчаны да орусчаны да бирдей так суйлочу. Бирок дайыма кыргыз дуйнесу менен жашачу. (Эзун "Мен кыргыздын баласымын", - деп сыймыктанчу. Бирок, омур бою кыргыз деп жашап, анын чыгармаларын кыргыздар анчалык билишпегендигине, ал тууралуу кыргыз тилинде эмгек жазылбагандыгына капаланчу.

Семен Афанасьевич менен Москвага кетериндеги экообуздун ортобуздагы суйлошконубузду эстесем азыр да аргасыз абалга тушуккандай болом. Анан калса акыркы ирет суйлошподукпу. Ошол ксткен тейден экинчи кайрылып келбеди. Ошондо: "Сарман, мен бутундой чыгармачылык омурумду Кыргызстанга, кыргыз элине арнадым. Россиянын орто тилкесинен бир да этюд тартканым жок. Бирок менин бир тууган кыргыз элим мени анчалык билбейт. Анткени менин чыгармачылыгым тууралуу кыргыз тилинде китеп же кен-кесири жазылган макала жок", - деген. Ушул суйлошууден кийин, айтса, айтпаса тогунбу деп, белгилуу искусство изилдоочу Ольга Петровна Попова менен биргелешип, Чуйковдун чыгармаларын мыкты билген суротчулор, искусство таануучулар менен байланышып, макалаларды чогулттук да темпланга киргизип, которууга киришели деп жатканда, Семен Афанасьевич о дуйно салганда дароо "Кыргыз элинин ырчысы" деген ат менен орус тилинде китепти чыгарып жибердик. Ошентип, китеп кыргыз тилинде чыкпай калды.

Ошол жыйнакка киргизиш учун москвалык искусство таанучусу Н. Корзухин Семен Афанасьевичтин оз оозунан жазып алган эскермесин жибериптир. Эскеруудо суротчу кыргыз сурот онорунун алгачкы учурунан баштап, калыптануу жолуна, уюштуруу иштерине ой жугуртуу менен акырында эч кимдин оюна келбеген, укмуштуудай тац калтырчу сезун айтып салыптыр. «Козум отсо, кыргыздын эски корстонуно соогум коюлбаса, Сурот академиясынын чарба башчысы каалаган жерине кое берсин», - дептир.

Азыр ойлосом, жаны жаннаты болсун, Семен Афанасьевич Чуйковдун айткандары анын осуяты экен. Кыргыздын баласы тууралуу баарыдан мурда кыргыз билсе, олгондон кийин да оз кыргыз элим менен туболукко бирге болсом деген атуулдук каалоосу тура. Тилекке каршы, улуу суротчунун эки осуятын тен аткара албадык.

Убакыт арылаган сайын ез учурунда толук сый-урматка ээ боло албай калган улуу жердешибиз Семен Афанасьевичтин тарыхтагы орду улам кенейе да, бийиктей да берет, анткени анын чыгармаларындагы маанилер, коркемдук ыктар кийинки муундарды эч кеонорбос жаныльiктары менен дайыма озуно тарта берет...

Семен Афанасьевич Чуйков тырмагынын учуна чейин реалист суротчу катары чыгармаларында социалдык турмуштук жана коркемдук чындыкты эриш-аркак кармап, теманы терен ачуусу менен дуйнолук улуу суротчулордун катарында турат...

# А. С. ЧУЙКОВ ЖЕНУНДЕ ЭСКЕРУУ

***Осташев** А. - Кыргыз Республикасынын эл суротчусу*

Семен Афанасьевич ар жыл сайын жай айларын Кыргызстанда откороер эле. Москвадан келгендин эртеси суретчулер Кошунуна баш бакчу. Этюд тартуу учун Бишкскти курчаган тоолорду кеп кыдырды. Дайыма боз костюмун устунон тушурбой, машина даярдалып жатканда сурвтчулор менен ангеме-дукон кура турган. Аны улуу муундагы суретчулер: Г. Айтиев, И. Гальчснко, Jl. Деймант, Л. Ильина, А. Михалев, И. Мирошниченко, В. Тюриндср менен бир катар ошол убактагы жаш суретчулер А. Усубалиев, Д. Кожахметов, К. Керимбеков, В. Капустин, А. Каменский, Р. Нудсль жана башкалар тегеректеп калышчу. Семен Афанасьевич ар биринин чыгармачылыгына ото кунт коюп, буткул союздук жана рсспубликалык коргезмолорго катышкан алардын акыркы эмгектеринс чеййн чын дилинен кез салып турар эле. Ал кебунче кечке маал, куугум кирс баштаганда озуне жаш суретчулорду чакырып, искусство жонундо узакка чейин пикир алышчу. Ал эми кай бирде жаш суротчулор топ-тобу менен этюд жана эскиздерин котеро Семен Афанасьевгс женой турган.

Мындай жолугушууларды алар копко чейин эскерип, Семен Афанасьевич менен болгон масктсшуу жана анын жаны эмгектеринен алган таасирлери жонунде бири-биринс айтып туготе алышчу эмес. Азыр ошол масктсшуулордун кебу жоголуп, акыры узул-кесил болгон кол жазмалардын гана калганы оте окунучтуу...

1978-жылы С. А. Чуйков Москвадан келгенден кийинки куну Суротчулор кошунуна кирди. Эмнеге келгендиги тууралуу, кунделук жанылыктар менен бир катар кыргыз маданияты менен искусствосунун Ташкен менен Ригадагы кундоруне карата откорулууучу жаны коргозмолер жонунде суйлоштук.

- Коргозмону Молдавиядан экиге, ал тургай учко болущтун кереги деле жок болучу - деп кейиди ал. Муну менен силер коргозмону начарлатып салдынар. Андан керо коргендун оозун ачтырган бир гана коргезмо жасаш керек. Кадыр-баркка жетуу кыйын, ал эми аны жоготуу ото женил. Мындай болгондон кийин конумуш адат боюнча бардык баяндамаларда Кыргызстандагы искусствонун начардыгы женунде кайталай беришет. Виз жонунде ете жакшы пикирлер бар эле. Анча чон эмес чыгармачыл жамаат боло турган. Модага берилип кетуучулук деле байкалган эмес. Жакшы, олуттуу пландагы иштер бар эле. Биз тууралуу так ушинтип айтышат. Москвадагы 1967-жылдагы коргозмедо биздин болум эн начары болду. Анын устуно бул залдын бозомтук кок дубалдары менен кунурт живопись ага кошул- ташыл болду да калды.

С. Герасимов коргазмонун эн начар болугу - бул Кыргызстан экен-дсп айтты элс, бардык баяндамаларда, бардык жыйындарга аны кайталай башташты. Мына сага, сурот тандоо менен экспозициянын мааниси.

Бир нсче кундон кийин Семен Афанасьевич Кошунга, мага телефон чалды:

- Сиз эмне мага кирбей журосуз? Бугун кириниз, эгерде аба ырайы бузулбаса тоого жоноп кстишим да мумкун.

Ксчинде иштен кийин ага, шаардын туштук тарабына шашылып жонодум.

- Сак-саламат болунуз! - уйуно киргизип жатып, ал менин саламыма тамашалай жооп кайтарды. Чептору калын оскон багы бар экен, андагы шыбактардын жана гулкайырлардын арасында шактуу, бутактуу алмалар жана шабдаалылар жайкалып турду.

- Мына, мен жокто эч ким карабаптыр, - деп ал даттана кетти.

Муздак, куцурттолгон ыцгайсыз болмого оттук.

- Менин Сизге мактангым келип турат. А мен, эч качан мактанбайм. Индияда мен бир этюд жаздым. Жазгандарымдын ичинен эн мыктысы. Ушул Москвадагы коргозмодон кийин менин эмгектерим жонундо Ольга Попова: "Дурмотчодо дурмот бар экен, али тугонбоптур" - деп айткандай, али начарлабаптырмын, бул мени кубандырды. Мен, Индия кызын тарттым. Аны тартып жатканда озумду таптакыр жоготуп койдум дсйсин, кандай боек алдым, каякка койдум, кандай болду эсимде жок. Этюд мурда болуп корбегондой пластикалуу келип, колорит жагынан толук бутту. Эц башкысы индия элинин жан дуйносу чагылдырылды. Абдан назик, бир аз кайгылуу. Жузу июколаддай болуп, кунго куйгон кара тору кыз, ак сариге оронгон, кара чачтуу, коздору шам чырактай куйуп турат... Тим эле укмуш! Алакандан бир аз чонураак этюд. Башкача жасоонун кереги да жок. Мага ал боюнча чонураак холстко тартсанчы деген кенештсрин айтышты, качандыр бир кезде кайрыламбы билбейм. Кайталап тартуу алгачкы нускасынан эч качан ашып кетпейт.

Будапешт музейи советтик ар кыл суротчу авторлорго белгилуу картиналарды кайталап тартууга заказ беришкен. Кийин кобун алып, менин "Кыргызстандын кызы" суротумду гана калтырышыптыр. Ал жонундо мага ошол жакта симпозиумда болгон бир кыргыз окумуштуусу айтып келди.

Третьяков музейинин кызматкерлери бул этюдду корушкондо, ошол элс жердсн аны калтырып кетууну отунушту. Бул ишимди суротчулордун жаккан эмгектерин туз эле онорканаларынан музейге алып, анан бир топтон кийин сатып алуу комиссиясынын сынына коюп жургон Русь музейинин дирскторуна корсотпошумду суранышты. Мен аларга бул эмгек Трстьяковкада бир гана шарт менен болот деп айттыМ да, ал кандай шарт экснин - тушундургонум жок.

Жакында мен Третьяковго бардым, андан менин суротум турган жерде Салаховдун картиналары илинип турганына козум чалдыкты. Эмне болуп кетти?! Корсо, менин эмгсктсримди классиктсрдин анфиладасына, советтик жана орус классикасы илинген залга илип коюшканын кийин байкадым. Бул ойлогон тилегиндин жетксн чеги эмеспи. Борбордук дубалда Дсйнска, бир жак капталында - Пименов, башка жагында - мен. Бирок андан томонку катардагы эмгектердин ортосуна Аникушиндин айкелдерин жапгаштырышыптыр. Чехов менен дагы кимдир бироонун бюсту турат.

- "Чехов" эн, сонун иш - деп, жену жок жерден "балп" эттире айтып калдым. Мен бул эмгекти аябай жакшы корем.

Семен Афанасьевич мени кунт коюп бир карап алды да, созун андан ары улантты:

- Чеховдун бюстунан менин картинама колок© тушуп турат. Алар Аникушиндин эмгектерин башка жакка жылдырышсын, мен мына ушуну айтайын дедим эле. Третьяковка чоц, ага орун табылат. Ал эми мен болсо, индия кызынын бул этюдун "Кули" этюдуна кошуп жупташтырып откоруп беремин. Ушундай бир аз куулук керек болуп турат. Эгерде буга макул болушпаса, этюдду Русь музейине сунуш кыламын.

Бул этюдга алкак даярдап койгомун, бирок ылайыгы келген энсиз тилке тактайды таптакыр таба албай койдум. Жазы, темгил аласын тандап алдым, жакшылап суруп, жылмалап эбине келтирдим, бир байкасам анча деле начар эмес, бирок негедир бир жагы кемип тургансыйт. Ошондо гана ички ичке адкакча артык экенин байкадым. Ал коруууго жолто болуп кичинекей этюдду бардык тарабынан бир сантиметрге жаап турду. Айлам кетип, карандаш учтаган маки менен алкакты жонуп, ашыкчасын алып салдым эле картина ордуна келе тушту. Баары оз-оз ордуна куюп садгандай жайгашгы да калды.

* * *

С. А. Чуйков Франция жана Италияда академиялык дачада болуп келгенден кийин, бир жолу жаш монументалист-суротчу В. Капустин менен бирге анын уйундо болууга туура келди. Италияда тартылган эмгектер живопистуулугунун ото жогору экендиги менен айырмаланып турду. Соз арасында мен аларды этюд деп атасам, Чуйков ыза боло тушту:

- Кандайча этюд дейсиц, мен аларды беш-жети сеанстан жазбадымбы?

Римдик Кампаньинин пейзажы менен картондогу анча чон эмес эмгектерди, Рим шаарынын айланасын жана кочолорун, алар зор коргозмолор жана монографиялар боюнча кецири белгилуу болгонго чейин коруу бактысына туш келгенин айтып, соз арасында Сезанндын ысымы аталды. С. А. Чуйков бир картинадан экинчи каргинаны бизге корсотуп жатып, мындай деди:

- Сезанн мага дайыма аябай токтоо, классикалык катаал жана тынымсыз ойго батып тургандай туюлчу. Бирок, качан гана мен анын музейинде Сезанндын палитрасын коргонумдо - бул бутундой бир чон кепеге живописттик чыгармалар толуп турганын - мен Сезанндын зор темпераментин гушундум. Бул чон темпераменттуу улуу суротчу болучу.

Каш карайган маалда, биз Семен Афанасьевичтикинен кайтып келатканда В. Капустин мындай живописти дайым эле жолуктура беруугo мумкун эместигин эске салды.

Жолугушуулардын биринде Семен Афанасьевич Чуйковдун кандайдыр бир айтып калганы эсимде:

- Менин унум жакшы болучу, коп ырдадым, андан кийин прозага ыктадым, Москвадагы "Молодая гвардия" басмаканасынан эки повестим жарык корду. Бирок мага абдан жакын корунгондордун бири бул живопись. Элестетип коргуло: мына арык толгон суу агып жатат дсйли, аны экиге болуп кор, экоо тен аран жылжып агып калат, анан учко белсоц, соолуп калышы да мумкун.

Бирок ал озу кисть жана калемсап менен жазуусун уланта берди, анын эки колу бири бирине жардам берип, акырындап бутактала, бири бирин толуктап турчу. Бирок анын чыгармачылыгынын эн негизгиси - живопись болуп калды.

Кол жазмаларында ар бир нерсени кылдат талдоо, картинага жазылган белгилуу этюддун качан, кайда, кантип жазылгандыгы жонундо эскеруу менен живопись тарыхы тууралуу ой жугуртуулору камтылган. Ал созго чечен, эгерде кимдир бироону уруша баштаса, Дальдын создугундо жок соз айкалыштарын табат, андан даты кутуусуз жаны бир создорду айтканда, тан калууга гана аргасыз болосун. Мен анын кутуусуз импровизацияларын жазып калбаганыма абдан окунем.

Бир жолу ал этюдга алые жакка барып келгендигин айтып берди. Кун кечтеп калган, кечки саат 9 дар чамасы эле. Боз кендирлуу чан баскан костюму менен ал вокзалга жакын "Интурист" деп аталган ресторанга шашып жонойт. 0зу дайыма женекей, ето жупуну кийинчу: чакмак койнок жана чептордун изи калган боз кендир шым. Жумуштан кстип баратып тамактангысы келет. Ал спарталыктардай жашачу. Онерканасынын уч болмосу: эки кичинекей ашкана жана башка уктай турган, анан иштоечу белмосу боло турган. Дегинкиси, енорканасы абдан чон эле. Анда эки мольберт, отургуч жана жаны эле тартылган жана 40-жылдардын аягынан бери чан баскан эсепсиз этюддар, эскиздер узата кеткен дубалдын тубунде желенуп коюлган эле.

- Мына, искусство таануучулар, эмне учун бул чакан портретте же пейзажда, маселен 1948-1964-ж. деген эки дата турат деп тан калышат. Ооба, анткени, оз учурунда этюд тарттым жана ага ичим жылыган жок, калтырып койдум. Бир топтон кийин, коп жыл еткон сон карап коруп, анын бир нерсеге татый турганын туйдум. Натура боюнча алган таасирлеримди эстедим да кайра тарттым...

Ошентип ал ресторанга киргенин шашпай кенен - кесири айтып беруугo етту:

Ал ресторанга келип столго отурат. Оркестрдин ызы-чуусунан кулак тунат. Кандайдыр бир мончонун ак тунукеден жасалган чылапчынын шыпка илип коюшуптур. Андан чыккан оркестрдин дункулдеген уну анча чон эмес залды канылтыр челекченин кангырагы менен толтуруп турду. Бадыноско шампан салган официант кыз Семен Афанасьевичтен кыйгачтап етот.

- Кичипейилдик учун, - дейт ал анын артынан.

Официантка коцул болбой буфетке кирет да кокурогу саландаган буфетчица менен бир нерсе жонундо узакка суйлошот.

Акырында ага келип:

- Сизге эмне керек? - дейт.

- Борщ, иши кылып экинчисинен бирди жана бир ботолко минерал суусунан берсениз.

- Суу жок, - официант кыз жактырбагандай жооп кайтарат.

- Эмне болсо, ошону бере бериниз. Деги бул эмне деген тартип. Бир кишиге тамак бергенге жарабайсынар.

- Кишиниби? - официантка шылдындуу коз караш менен суротчуго тигилет.

- Мен академикмин, - дейт Семен Афанасьевич тантакыр кутуусуз жерден. Ал эч качан, эч бир жерде озун кокурок керип корсоткусу келчу эмес.

- Ооба, сиздин кандай академик экениниз корунуп турат - деп официантка коп убакыт откон соц тамак алып келет.

Борщто акырын гана каалгып чымын сузуп журуптур...

Демейде Семен Афанасьевич кутуусуз меймандарды тосуп жатып, мындай дечу:

- Мен дыйкандардын эн жонокой тамагын: нан, болгондо да кара нанды, каргошко, пияз, чеснок, озум кармаган балыкты, жашылча-жемиштерДи жакшы коромун.

Кайрадан Италия жонундо, Римде Александр Ивановдун онорканасын издегендиги тууралуу, Франция, Сезанндын онорканасына баргандыгы, Лувр жонундо тугонбогон баяндарын баштачу.

Ал чет жерлерге барып келгенден кийин кундолук жазып, бир нече жолу кайра басылган "Индия образдары", "Италия кундолугу", "Суротчунун эсксруулору" аттуу китептерди чыгарды.

Мына сага бир арыктын эки айрылыщы.

Анын кандай ырдаганын мен эч качан уккан жокмун.

Ал эми анын "Суротчунун эскеруулору" даанышман акыл-ойго сугарылган, чын дилден жазылган китеп. Ал дайыма менин столумда. Мен ага кеп кайрыламын.

*Кантип Александр Илларионович бир кеченин баи/талышында эмен, андан кара орук, кипарис жана байыркы терекке айлангандыгы жонундо икая*

Суротчулор кошунунда С. А. Чуйков менен жолугушуу откорулуп жаткан. Ага Александр Илларионович Игнатьев аксакал катары торага болуп, кузгу гулдордун букети чон графин менен суу коюлган чакан столдун арт жагында отурду.

Чуйков Италияга барганы, Римдеги А. Ивановдун онорканасын издсгсндиги, ал онорканада мемориалдык доска ачылгандыгы жонундо кеп кылды. Анан издснуу учурунда жаралган ар турдуу этюддарын эстей кетти.

- Дслакруанын онорканасында болдум. Болмо ыпыр-сыпырга толгон. Бирок мен Делакруанын мольбертин, дубалга жолонгон эмендсн жасалган жыгач рамкаларын коргонумдо мольбертке мына мындай кол тийгизип (ал Илларионовичкс кол тийгизди) коррууну каалап, эски чыныгы эмен экснин ссзгим келди. Бул жен гана сентименталдуулук эмес, - бул суротчулор кыйгач басып ото албай турган кандайдыр бир чон нсрсс...

Ал кеп учугун кайрадан улады. Италиянын бир чакан шаарчасында мага бир туп кара ерукту керсотушту. Байыркы кара орукту. Ага 2,5 мин жыл болуптур. Мен бул кара орук Фидинин учурунда эле осуп турган болуш керек деп ойлодум. Анан ага жакын келип, туболуктуу ыйык нерсегс кол тийгизип жаткандай аяр гана сыйпалап койдум (ал бул жолу да катарында отурган Александр Илларионовичке карап кара орукту сылап, кол тийгизип жаткандай ишаарат кылды).

Римдеги Абамани акадсмиялык дачасынын аймагында кипаристср осет. Алар дагы кара орук сыяктуу жай осушот. Бул жердс болсо алты киши биригип кучактай албай турган дарактар. Ийри-буйру. Кылымдардын кубесу. Мен, мына минтип кармадым (ал Александр Илларионовичти кармалап корсотту) жана тубелуктуу бир нерсегс колум тийгенин ссздим, - деп кайталады Семен Афанасьевич.

Кисловодскидеги Лермонтов каза болгон Бсштоодо экскурсоводдор ошол жонунде гана соз кылышып, дайыма начар, талантсыз адам тарабынан жасалган, анысы аз кслгенсип май боек менен боелуп лакталган Лсрмонтовдун бюстуна алып барышат. Жанында болсо кылым карыткан тсрсктср шуулдайт. Албегте алардын колокосундо Лермонтов болгондур. Ансыз деле экскурсоводдорго ушул тсрсктерге экскурсияга алып баруугa туура кслст. Лермонтов муну коргонун, тсрсктердин одур-будур кабыгын кармаганын тигилер гуйса кана. Алар ошол учурдун куболору эмеспи. Ийри-буйру. Ункул-чункулу коп, бодуракай экен (ал кайрадан колун Александр Илларионович Игнатьсвге тийгизип далысынан сылап отту).

